

10 Н.Осмонова: «Поэзия - сулуулук, адамдык бүтпөс кусалыгы»



9 «Google»дагы Акжол: «Билгендеримди кыргыз жаштарына үйрөтөм»


Калыс көз караш!

# САРЕСЕП

16-июль, 2015-жыл
№9 (09)
saresep.kg




«Уулум инвалид болсун» десең добушуңду сат

5-бетте



Жаңы үйлөр 5-10, эскилер 20-40%га арзандашы мүмкүн

7-бетте




Визадан да, акчадан да куру жалак калган жарандар

11-бетте




# ШКУнун калкы жердин жашоочуларынын 42 пайызын түздү

3-бетте




*Урматтуу мекендештер!*

*Сиздерди жалпы мусулмандардын ыйык күнү Орозо айт майрамы менен куттуктайбыз!*
*Улуу Жараткан, кармаган орозонуздарды кабыл кылып, эки дүйнөлүк бакыт насип кылсын. Ар бир үйдөн ынтымак, ырыскы кетпей, жергебизде тынчтык менен бейпилчилик ар дайым өкүм сүрсүн. Рамазан айында жасаган соопчулук, жакшылык иштериңиздер мындан ары да уланып, Жараткан ылайым баарыбызга көптөгөн сооптордү жазсын!*

*“САРЕСЕП” гезитинин жамааты*



## Бүгүн Барселона вице-мэри менен «Таза коом» долбоорунун ишкер тобу жолугушат

Жолугушуу Жогорку Кеңештин имаратында болот. Ага КСДП фракциясынын алдындагы «Таза коом» долбоорунун ишкер тобу менен испандык меймандар катышат.

Анда кыргыз тарап испандыктардын маалымат технологияларын шаар инфратүзүмүн башкарууга колдонуу тажрыйбасы менен таанышат. Ошондой эле «Таза коом» долбоору сунулуп, ага чет өлкөлүк инвесторлорду тартуу боюнча сүйлөшүүлөр болот.

Испаниянын Каталония аймагында жайгашкан Барселона Евро Биримдикте «Акылдуу шаар» номинациясы боюнча алдыңкы шаарлардан болуп саналат. Ал эми вице-мэр Энтони Вивес Томас Барселонанын инфратүзүмүн өнүктүрүү жана жаңычыл ыкмаларды киргизүү жагын башкарат. Бул тааралуу «Таза коом» долбоорунан билдиришти.



Сүрөт ▸ kloop.kg

## Жаңы кодекс жумушчуга каршы

Кыргызстан профсоюздар федерациясынын төрагасынын орун басары Ормонбек Жайлообаевдин айтымында: "Жаңы мыйзам кабыл алынса кызматкерлер жумуш берүүчүнүн көзүн карап калат. Эгерде туура эмес сөз сүйлөп койсом, жумуштан кетирип салат деген коркуу пайда болот. Эмгек акы боюнча талаш жагдайлар туулганда соттор бир жылдан ашпаган мөөнөттү гана карасын деп жатышат. Азыркы мыйзамда каалаган мөөнөттө арызданып, төлөнбөй калган эмгек акыны өндүрүп алса болот.

Азыр иштеп жаткан кодекс боюнча түнкүсүн иштегендерге бир жарым эсе айлык акы төлөнөт. Бекитилген убактан ашык иштегендерге биринчи эки саатка бир жарым саат калган убакытка эки эсе төлөнүп келген. Мунун баарын жокко чыгарып жатышат. Азыркы кодекс боюнча майрам жана эс алуу күндөрү иштегендерге эки эседен кем эмес акы төлөнүп берилет. Муну да жокко чыгарып, эки эсеге азайтып жатышпайбы. Дагы айта турган болсок, иш берүүчүнүн демилгеси менен иштен бошогон же кыскартылган адамга бир айлык акы төлөнсүн деп жатышат. Ал эми азыркы мыйзамга ылайык, эки орточо айлык акы төлөнүп берилет. Бул эки эседен ашык жоготуу болуп жатпайбы. Дагы айтып кете турган болсок иштен бошотуп жатканда профсоюз менен макулдашуу деген эмгек кодексинде бар, бул дагы жок болуп жатат. Эмгектин эл аралык бирикмесинин эксперттик корутундусу жок. Эмгек тууралуу 158-эл аралык конвенция бузулуп жатат".

# Жогорку Кеңештин депутаты 100 миң доллар пара менен кармалды

Бул тууралуу УКМКнын басма сөз кызматы билдирди. Маалыматка ылайык, Жогорку Кеңештин «Х.К.» аттуу депутаты экс-депутат Нариман Тулеевдин тууганынан Жогорку Сотто кароодо Тулеевдин сот ишин оңжакка чечип берүүгө көмөктөшөм деп акча сураганы аныкталган. Бул аталышка депутат Хаджимурат Коркмазовдун аты туура келет. Ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарында алдын ала маалыматтар боюнча экс-депутат Түлеевдин үй-бүлөсүнөн пара талап кылганы үчүн президенттин аппарат жетекчиси да кармалганы тууралуу айтылган. Бирок Президенттин аппарат жетекчиси Данияр Нарымбаев укук коргоо органдары тарабынан кармалбаганын өлкө башчынын маалымат катчысы Жанар Акаев билдирди.



Депутат УКМКнын Антикоррупциялык кызмат менен Башкы прокуратуранын биргелешкен ыкчам-тергөө операциясынын алкагында 100 миң АКШ долларын пара катары алып жаткан маалында колго түштү.

Учурда кармалган депутатка Кылмыш-Жаза кодексинин 303, 313 жана 304-беренелери боюнча кылмыш иш козголуп, тергөө жүрүп жатат.

# Темир Сариев Улуттук стратегиялык изилдөөлөр институтунун ишин сынга алды



Бүгүн, 15-июлда, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Темир Сариев Улуттук стратегиялык изилдөөлөр институтунун директору Талант Султановду кабыл алды. Премьер-министр аталган институттун ишмердигин сынга алып, өз милдетин тиешелүү деңгээлде аткарбай жатканын айтты.

"Улуттук стратегиялык изилдөөлөр институту мамлекеттик органдардын ишмердигине анализ жасап, коомдогу социалдык-экономикалык абалды, маселелерди аныктап, өкмөттүн стратегиялык чечимдерди кабыл алышына илимий, аналитикалык жана маалыматтык колдоо көрсөтүүсү зарыл. Бирок учурда институт мындай ишмердүүлүктү жүргүзбөй жатат" – деди Темир Сариев.

Өкмөт башчысы Талант Султановго кыска убакыттын ичинде өкмөттүн экономика, саясат, коопсуздук жана мамлекеттик башкаруу тармактары боюнча стратегиялык чечимдерди кабыл алууга илимий, аналитикалык жана маалыматтык колдоо көрсөтүүнү тапшырды.

Ошондой эле, аталган институтка өкмөттүн аппараты менен тыгыз иш алып баруу тапшырмасы да берилди.


Сүрөт ▸ АКИпресс

# Керемeтүү Ысык-Көлдө ыр фестивалы

КРнын маданият, маалымат жана туризм министрлигинин искусствону жана кесиптик билим берүүнү өнүктүрүү башкармалыгынын жетекчиси Мирлан Самыйкожо ушул жылдын 22-26-июль аралыгында Ысык-Көл жергесинде II Эл аралык популярдуу музыка аткаруучулар арасындагы "Мейкин Азия" фестивалы тууралуу кийинкилерге токтолду. "Мейкин Азия" фестивалы КРнын өкмөтүнүн колдоосу менен өткөрүлүп жатат. Фестивалын өткөрүү боюнча өкмөттө атайын комитет түзүлдү. Анын төрайымы вице-премьер-министр Дамира Ниязалиева. Орун басарлары Маданият, маалымат жана туризм министри Алтынбек Максүтов жана Өкмөттүн Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эмилбек Каптагаев. Уюштуруу комитетине коомдук, маданият ишмерлери, белгилүү адамдар кирген.

Фестивалдын максаты Ысык-Көл жергесине туристтерди тартуу, Кыргызстанды стабилдүү, демократиялуу өлкө катары таанытуу. Жалпысынан 40тан ашуун өлкөлөргө кат жөнөтүлгөн. Алардын ичинен бүгүнкү күндө 15 өлкө макулдугун берди.

Бул ыр сынакка жаш аткаруучулар менен бирге республикалык жана эл аралык деңгээлдеги конкурстарга катышкан тажрыйбалуу, 17ден 35 жашка чейинки аткаруучулар катыша алышат. Фонограмманы колдонууга тыюу салынып, бардык катышуучулар чыгармаларды жандуу үн менен аткарышат. Чыгарманы аткарууга 4 мүнөт берилет. Катышуучулар экиден ырын тартуулайт. Бирөөсү өз тилинде, ал эми экинчиси тандоосу боюнча.



# ШКУнун калкы жердин жашоочуларынын 42 пайызын түздү

Владимир Путин: «Бул уюмга өкүл болгон мамлекеттер Евразия мейкиндигинин басымдуу бөлүгүн ээлейт. Биз үчүн бул аймак шахмат тактасы эмес, геосаясий оюндардын талаасы дагы эмес. Бул – биздин үйүбүз. Баарыбыз үйүбүздө тынчтык болсо, жетиштүү турмуш болсо деп тилейбиз. Өз кызыкчылыгын бирөөлөрдүн эсебинен камсыз кылууга аракет кылгандарга үйүбүздө орун жок деп эсептейбиз»

САРЕСЕПТИН АНАЛИТИКАЛЫК БӨЛҮМҮ

## ШКУда ыкластуулук барбы?

Аналитиктердин оюу боюнча Шанхай кызматташтык уюмуна (ШКУ) кирген өлкөлөрдүн учурда кызматташууга көрүнүктүү себептери жок. Борбордук Азиянын жана Орусия менен Кытайдын АКШ администрациясынын саясатын кабыл алууну каалабагандыгы, анын экономикалык жана саясий үстөмдүгү башка өлкөлөрдүн кызыкчылыгына дал келбей тургандыгы уюмга пайдубал болуп тургансыйт. Бул региондо туруктуулук маселеси да чечилбестен көйгөй бойдон турат. Кытай, Пакистан, Иран жана Индия ШКУну ушул аймактагы америкалыктардын аскердик кийлигишүүсүнө каршы курал катары эсептешет. Америкалыктардын аскердик кийлигишүүсү бул өлкөлөрдүн коопсуздугуна коркунуч туудурганы маалым.

ШКУ сыртынан бирдиктүү көрүнгөнү менен эксперттер бул уюмдун мүчөлөрүнүн саясатында карама-каршылыктар бар экенин белгилешкен. Алардын эң маанилүүсү – Орусия менен Кытайдын саясий жана экономикалык келишпестиги. Кытай ШКУга кирген өлкөлөрдү өндүрүмдөрүн өткөрүү үчүн келечектүү рынок деп эсептейт. Ошондуктан ШКУ антитеррордук максатты гана көздөбөстөн, экономикалык ишмердүүлүккө да көңүлүнүн жарымын бөлүүсү керек деп эсептейт. Кытайдын оюу боюнча келечекте экономикалык стратегия уюмдун ишмердүүлүгүндө негизги орунду ээлеши мүмкүн. Орусия болсо бул уюмдун негизги милдети, ШКУнун терминологиясы боюнча "үч азап"-делген – терроризм, экстремизм, сепаратизмге каршы күрөшү деп эсептейт. Орусия Азияда Кытайдын экономикалык гегемониясынын орноосунан чочулап, ШКУнун алкагындагы экономикалык кызматташтыкты күчөтүү сунушун четке кагып, Пекиндин экономикалык чабуулун кармап турууга болгон күч-аракетин жумшап келди.

Акыркы саммитинде Путин ШКУнун атайын эсебин ачууну, жана Өнүктүрүү банкын түзүү боюнча ишти улантууну, Банктар аралык бирикменин негизинде эл аралык проекттик финансылоо борборун негиздөө керек экендигин билдирди. Орус президенти аймактагы Евразия өнүгүү банкын, Азиянын инфраструктуралык инвестиция банкын, жаңы түзүлүп келе жаткан БРИКСтин (Бразилия, Россия, Индия, Кытай, Түштүк Африка) өнүктүрүү банкынын мүмкүнчүлүктөрүнөн активдүү пайдаланууга чакырды.

Кытай БРИКСтин банкы менен чектелбестен, ШКУнун финансылык атайын аспаптарын түзүү ниетинен кайтпайт. КЭРдин төрагасы Си Цзиньпин өлкөсү ШКУнун Өнүгүү банкынын уюштуруу идеясын колдоорун, ШКУга кирген өлкөлөрдүн инвеситициялык муктаждыгын канааттандырууга жалпысынан даяр экендигин билдирди.

Индия менен Пакистан ШКУга кире элек кезде КЭРдин колунда күчтүү көзүрлөр бар болчу. Бирок буга чейин ШКУда Кытайга экономикалык багытта жигердүү ишмердүүлүктү жүргүзгөнгө мүмкүнчүлүк берилген жок. Орусия кытай үстөмдүгүнөн чочулап, ШКУнун Өнүктүрүү банкын түзгөнгө акырына чейин тоскоолдук кылып келди.

Кээ бир изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча: "Америкалык эксперттер Пекин Орусия менен байланыш түзүп жатып, биринчи кезекте "орус картасын" басып салганга аракет жасоодо. Кытай Азия Тынч океан регионунун (АТР) алкагында орустардын саясий таасиринин кеңейишине кызыкдар эмес. Бирок ШКУга мүчө өлкөлөрдүн жетекчилеринин ар жыл сайын бийик деңгээлдеги жолугушуулары Орусия менен Кытайдын АТРдеги саясий-экономикалык аймактарда бир катар маанилүү тармактарды өнүктүрүүгө багыт алгандыгына ишарат кылып турат".

## Жаңылардын эски көйгөйлөрү

Уфадагы саммитте уюмдун жетекчилери Индия менен Пакистандын ШКУнун катарына келечекте толук кандуу кирүү процедурасы башталсын деген декларацияга колдорун коюшту.

ШКУнун бул саммитине чейин уюмга алты өлкө кирген. Алар: Орусия, Кытай, Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстан болчу. Саммитте төрагалык кылган Орусия президенти Владимир Путин Пакистан менен Индияны уюмга толук кандуу мүчөлүккө кабыл алуу тууралуу жарыялады. Бул 15 жылдан берки биринчи жолку кеңейүү. Путиндин бул чечими ШКУнун өнүгүшүнүн жаңы этабын даңазалайт.

Ошондой эле Беларусиянын макамы дагы өзгөрүлдү. Ал өнөктөш өлкөдөн байкоочулардын категориясына өттү. Эми бул макамда Иран, Афганистан, Монголия өлкөлөрү менен катар саммитке катышып турат. Өнөктөш деген макамды бул жолу Армения, Азербайжан, Непал жана Камбоджа алышты. Буга чейин бул топто Турция менен Шри-Ланка дагы бар болчу.

Индия жана Пакистандын кириши менен ШКУ дүйнө калкынын 42 пайызын түздү. Дели менен Исламабад толук кандуу мүчө болуш үчүн 28 документти ратификациялашы керек. Анын ичинде Узак мөөнөткө болгон кошуналык келишимдин 5-беренесинде "тараптар бири-биринин чек араларын бузбоо, чек ара аймактарында өз ара ишенимди бекемдөөгө активдүү күч-аракет жумшоолору керек" деп белгиленген. Ал келишимге жараша чек аралар эки элдин түбөлүк тынчтык жана достуктун чек араларына айланышы керек. Бирок ШКУга кирген Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстандын чек араларында дагы деле болсо адам өмүрүнүн кыйылышы менен коштолгон атышуулар болуп келди.

Уфада кабыл алынган декларация кеңири. Анын пункттарынын биринде Минскидеги келишимдерге ылайык Украинада тынчтыкты орнотуу, экинчиси болсо Ирандын ядролук программасына тиешелүү. Мүчөлөр ШКУнун чечими ядролук куралдарды таратпоо маселесин чечкенге жардам берет деген ишенимде. Дагы бир пункту Жакынкы Чыгыштагы жана Түндүк Африкадагы кырдаалга тийиштүү болуп кетет. Декларацияда аталган аймактардагы чатактарды токтотуу сырткы кийлигишүүсүз эле чечилиш керек деп жазылган.

"Уюмдун пайда болушунан бери биринчи жолу Индия, Пакистанды мүчөлүккө кабыл алуу процедуралары ишке ашып жатат. Биз бул өлкөлөрдүн ШКУдагы макамын жогорулатууга Беларустун байкоочу өлкө болгондугуна чейин макулдашып алдык. Андан сырткары, Азербайжан, Армения, Камбожжа жана Непал ШКУнун үй бүлөсүнө диалог боюнча өнөктөш катары кошулуп жатышат. Биздин уюмга бир нече өлкө да тигиндей же мындай формада кошулууну каалагандарын билдиришкен. Алардын сунуштарын дыкаттык менен карап көрөбүз", – деди Владимир Путин.

Серепчилер "Индия менен Пакистандын кабыл алынышы менен ШКУ Евразиянын батышка кирбеген дагы башка өлкөлөрүн кошуп ала баштайт. Мындан көп уюлдуу дүйнө структурасынын пайда болушу жөнүндө кеп кылсак болот. Муну менен Батышка бириккен евразиялык атаандаштыктын платформасын көрсөтсө болот", – дешет.

## Чийден сырткары калган Иран, кылыктанган Каримов

Өзөктүк программасы боюнча сүйлөшүүлөрдүн татаалдыгынан улам Иран Уфада ШКУга кире албай калган. Ал эми Өзбекстан президенти Ислам Каримов 2016-жылы өлкөсү ШКУга төрага болуп турган учурда Индия менен Пакистандын толук кандуу мүчөлүккө кабыл алууга капыстан каршы чыкты.

Мунусу менен Каримов ШКУга ядролук куралдары бар Индия жана Пакистан сыяктуу өлкөлөргө ниети туура эмес экендигин билдирген. Ал бул жоопкерчиликти Орусия менен Кытайга оодарып салганга кызыктар.

"Бул жөнөкөй окуя эмес, кеңешип алганга зарылчылык бар. ШКУнун катарына бул өлкөлөрдүн кириши саясий картаны өзгөртүшү мүмкүн, күчтөрдүн тең салмактуулугун дагы өзгөртүп жибериши мүмкүн. Бул канчалык деңгээлде башкарууга мүмкүн болгон процесс?", -деп наалыды өзбек башчысы.

Кийинчерээк, саммиттин пленардык чогулушунда өзбек президенти ядролук куралга ээ өлкөлөрдүн ШКУга кошулушу тобокел иш экенин, бул нерсе анын тынчын алып жатканын моюнга алган. "ШКУнун курсун экономикалык уюм катары сактап калыш керек. ШКУну аскердик-саясий альянс кылууну, блоктук ой жүгүртүүнү токтотуш керек." – деди Каримов өз сөзүндө. Бирок кеңири отурумга чейин анын демин суутуп коюшкан окшойт, анткени ал жерде каяша пикирин айткан жок.

# Биримдик

Негизги маселеде бирдиктүү пикирге келген соң, майда маселелерде араздашпаган жакшы. Жакшы делген нерсеге бириккенден кийин андан жакшысы чыкса, араздашуудан көрө жакшыны кармануу жакшыраак. Араздашууга алып барчу мыктыдан көрө биримдикке алып келген нерселер дайыма жакшыраак



ЖАНСАКТА САРБАШОВ

Айбандардын мүнөздөрү окшош болот, алардын өзгөчөлүктөрү чектелип, Жаратkандын эрки менен түздөн-түз башкарылышат. Инсандын ар бири өз-өзүнчө аалам. Бирдей тарбия менен бир чийинге жакындатылса да, ар биринин өзүнө жараша туюмдары, сезимдери, өзгөчө жорумдары, ой-пикирлери бар. Адам баласын теспиге тизген сыяктуу бир жипте дайыма бирге кармап туруу мүмкүн эмес.

Кээ бирлери адамдын инстинктери менен напсиси өлтүрүлүп, акыл-эс жана руханий сезимдери менен жашоосу керек дешет. Бирок адамды айбандык сезимдерге багыттаган напсисине руханий бийиктиктерге жеткен адамдар дагы арызданып келишкен. Демек, адам көрө албастыктан кутулса да, бул сезимдин кесепеттери жүрөгүндө кала берет. Же көк беттик сезимин алсак, инсандыктын туу чокусунда делген адамдар дагы кээде коомго пайдалуу жаңылыкты кабыл алууда кыйналып, көгөрүп эскиликти жактап тура бериши мүмкүн.

Ошондуктан канчалык жакшы тарбия алып, тажрыйбасы кең болгон адамдар дагы зээн, пикир, сезим өзгөчөлүктөрүн ортого чыгарышы мүмкүн. Бирок мынча өзгөчөлүктөргө карабастан, коомго пайдалуу маселеде башкалар менен бир пикирге келиш үчүн адамдын өзү менен өзүнүн күрөшүүсү – анын эң маанилүү өзгөчөлүгү.

Мисалы, принциптери, ыкмалары белгилүү болгон бир жолду карманып жолго түштүңөр. Бул жолдо бир топ узап да калдыңар. Жолдун ортосуна келгенде айрым адамдар силер менен жарыша башташтЫ. Бири-бириңден "Булар кайдан чыга калды, атаандашуусунун максаты эмне?" деп сурашыңар мүмкүн. Силер боз үйүңөрдү тиккен бетке, алар эмнеге келип жайгашты деген ой келет. Буларга реакция беришиңер мүмкүн, анткени бул туйгулар инсандын табиятында бар. Бирок адам мындай сезимдин этегин баса отуруш керек. Негатив сезимдердин этегин баса отуруп, алардын тикирейип тура калуусуна тоскоол болуу Жараткaнга жаккан иш. Кызгануу, жөн эле атаандашуу сезимдерин басып, башкалар менен бирге жол улантууну жакшылык катары кабыл алуу зарыл. Керек болсо алдыга чыгуу, лидер болууну аларга берип, артта бекем туруп берүүнү тандоо пайдалуу болушу мүмкүн. Бул албетте, адамдын каалоосу менен боло калчу нерсе эмес, бул өтө чоң адамгерчиликти, руханий күчтү талап кылган чечим. Чыныгы адам эркинин акысын берип, башкалар менен жакын таанышып, алар менен биргеликте жалпы коомго пайдалуу натыйжага жеткенге аракет кыла алат. Адамдар бир идея жана принциптерге эрктерин кайраттуу колдонуу менен гана бириге алышат.

Тартышуу көбүнчөсүн бир феномендин кээ бир шарт, география, улут жана заманга жараша жоруусунан келип чыгат. Феноменди аталган нерселерге жараша гана жорусаңыз, аны кууш бир капчыгайга камаган болосуз. Бирок ошол эле нерсени тарыхтагы түрдүү заманга жана географияга жараша комплекстүү карап чыкканда аны кенен жана ар түрдүү көрөсүз. Бир эле феномендин ар кандай коом, ар кандай заман, ар бир географияга пайдалуу болгон абалга келиши – анын тегерегиндеги тартышуунун пайдалуу жагы.

Демек, биригүү максатында тартышуу жакшы. Бирок "мыктысын табам" деп араздашкандан көрө буга чейин макулдашкан нерседе бекем туруу жакшыраак.

# Сенин баaң канча?



Бир өспүрүм акылманга келип:

– Мен сизге өзүмдү эч нерсеге арзыбаган, эч бир ишке жарабаган сыяктуу сезип, өлүм келгендиктен келдим. Элдин баары эле колуңдан эч нерсе келбеген шалаакы жана акмаксың дешет. Мага жардам бериңизчи, өтүнөм",-дейт.

Акылман аны бир карай салып:

– "Мен азыр бошобой жатам, ошондуктан сага жардам бере албайм. Мен өтө маанилүү бир ишти жөнгө салышым керек" деген соң, бир аз ойлоно туруп: "Бирок сен менин бир ишиме жардамдашсаң, мен сенин маселеңди чечкенге жардамдашам",-деп жооп берет.

"Жан дилим менен жардамдашам сизге" деп кобуранат кезектеги көңүл коштукка жолуккан өспүрүм.

"Болуптур анда" деген акылман сол колунун аты жогунан кооз ташы бар шакекти чыгарып, "Тигил атты минип, базарды көздөй чап! Мен карызымдан кутулуш үчүн бул шакекти тезирээк сатышым керек. Аны кымбатыраак сатканга аракет кыл. Бир алтын теңгеден арзан сатып жибербе. Бол эми батыраак жөнө" дегенде бала атка шашкалактап мине калып, чапкан бойдон базарга жетип барат. Базарга барып, соодагерлерге шакекти сатканга аракет кылат.

Алар шакекти жаңы эле кызыгып карай баштаганда, бир алтындан кем сатпашын угушуп, соодага сууп калып жатышты. Айрымдары шылдыңдап күлүп, экинчилери дароо бурулуп кетип калышты. Бир гана улгайыңкы соодагер, бул шакек бир алтын теңге турбасын айтып, эки жез тыйынга, эң эле көп дегенде бир күмүшкө алаарын айтты.

Карыган соодагердин сөзүн угуп чүнчүй түшкөн өспүрүм базардагы жүздөн ашкан адамга шакекти сунуштап көрдү. Эч кимиси бир алтындык баа бербегендиктен атын минип кайтып келди. Көңүлү аябай чөгүп акылманга:

– Устат, мен сиздин тапшырмаңызды аткара алган жокмун. Бул шакекти эң эле кымбат дегенде эки күмүш теңгеге сата алмакмын, бирок сиз аны бир алтын теңгеден арзанга бербе дебедиңиз беле. Сиздин шакегиңиздин баасы анча турбайт экен.


– Уулум, сен азыр өтө маанилүү нерсе айттың, – деди акылман. Ошондуктан шакекти сатуунун алдында анын чыныгы баасын аныктап алганыбыз оң. Анын чыныгы баасын зергерден башка эч ким аныктай албайт. "Атты минип, зергерге чап, ал шакекти канчага баалайт экенин көрөлү. Бирок ал канча баа берсе да, шакекти сатпастан кайра алып кел" деп баланы кайра аткарды.

Бала атка секирип минип, чапкан бойдон зергерге жетип барды. Зергер күн тарткыч менен шакекти көпкө карап чыгып, атайын таразасына тартып көргөн соң, өспүрүмгө кайрылды:

– Шакектин ээсине айт, мен азырынча ага элүү сегиз алтын теңгеден ашык бере албайм, бирок кичине мөөнөт берсе, зарыл сатам дегенин эске алып, жетимиш алтынга сатып алам деди.

"Жетимиш алтынбы?!" деп сүйүнүп кеткен бала күлүп, зергерге рахматын айтып, кайра чапкан бойдон акылманга келди.

Өспүрүм сүйүнгөнүнөн өпкөсүн араң басып, болгон окуяны айтып бергенде акылман аны жанына отургузуп, "Уулум, сен ушул шакектейсиң. Өтө баалуу жана кайталангыс. Ошондуктан сенин бааңды чыныгы сынчы гана быча алат. Анан сен эмнеге көзүңө көрүнгөн адамдын баарына эле өзүңдү баалата бергенсиң" деген экен.



# «Уулум инвалид болсун» десең добушуңду сат

Жолду оңдотуу, элдин көйгөйүн чечүү ансыз деле анын милдети. Депутатты эл ошон үчүн шайлайт. «Мени чабан кылсаңар коюңарды багып берем» деп айткан малчыны уктуңар беле? Чабан ансыз да кой бакканы үчүн чабан да

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

### Уулуңуз көгүлтүр жигитти жетелеп келип...

«Мен депутат болуп калсам жолуңарды оңдоп берем» деген талапкер көрсөң анда ага дегеле добуш бербе. Эмнеге билесиңби? Себеби ал элди кызылдай эле алдап атат. Ал кызылдай эле соодалашып атат. «Аттанганда эле ээрге кыйшык отурган» деп так ошону айтса болот. Эгер анда жолду оңдогудай акча болсо, анда эмнеге буга чейин оңдобойт? Оңдой бербейби депутат болбосо деле. Демек, ал элди ойлогон адам эмес. Элди ойлогон адам антип шарт койбой эле, «андай кылсаңар, мындай кылам» деп эсептешпей эле жасамак.

А эгер акчасы жок болсо, анда эмнеге убада берип атат? Же эмне мамлекеттен акча бөлдүрүп, анан оңдогону турабы? Анда аны айтпай эле койсун. Себеби жолду оңдотуу, элдин көйгөйүн чечүү ансыз деле анын милдети. Депутатты эл ошон үчүн шайлайт. «Мени чабан кылсаңар коюңарды багып берем» деп айткан малчыны уктуңар беле? Чабан ансыз да кой бакканы үчүн чабан да. Эгер депутат кыла турган милдетин доомат кылса, анда депутат болбой эле койсун. Кудайга шүгүр, кулчасынан иштетип аткан жок. Мамлекет аларды ошол элдин көйгөйүн чечсин деп, сиздин, биздин чөнтөктөн чыккан салыктар менен, жалпы мамлекетке түшкөн кирешелер менен нык семирте багып атат. Актасын ошону.

«Баланча депутат кыйын экен. Баландай жерге төлөндөй мектеп салды. Баландай айылга төлөндөй спорт аянтын салды» десе дагы шайлабагыла. Бул жөн гана алдамчылык. Кызыл кулактыктын саясий түрү. Депутаттын иши куруучулук эмес. Андай иштерди чыныгы элин ойлогон адам депутат болбой туруп деле жасашы керек. Мына ошондой адамдар мактоого татыктуу. Ал эми мамлекет үчүн чечүүчү добуш берерде, чечүүчү пикирин айтаарда жок болуп кетип, элдин кызыкчылыгын бөлөктөргө сатып коюп, башка жактан келген инвестициянын олчойгон бөлүгүн чөнтөккө кымыра калгандан кийин башы-көздөн садага дегенсип, бир мектеп кура калганы анын жөн гана аксымданганы. Жөн гана мактанганы. Андай эле элди ойлогон адам болсо, бир мектеп эмес, миңдеген мектептер салына турган мыйзамдарды кабыл алсын. Чет элдиктерге сатылып аткан жерлерди саттырбай кармап калсын. Миңдеген жылдар бою турган мөңгүлөрдү кууратып таштап, кен байлыкты кымырып кетип бараткан шумшуктөрдү колго чапсын. Жок. Анын баарын жең ичинен соодалап жиберип, сол чөнтөккө миллиондорду кымырып алып, анан жакшы адам болуп жылмаңдап мектеп курбай эле койсун. Тигил жакта булактар соолуп, тоолор талкаланып аткан соң анын салган бир имараты бокко жарайбы! Бул жакта элдин ден соолугун уулап, мөлтүр кашка сууларды соолутуп аткан соң, анын аянтын ташка чабасыңарбы? Жоготкула андай депутатты! Жогото албайсыңарбы, анда эртеңки күнү так ошол депутат салып берген мектепке инвалиддин коляскасына отурган баламды сүйрөп барам деп элестете бергиле. Ошол депутат салып берген жол менен мээсине доо кетип, жаштайынан карып болгон кызымды ооруканага алып барам деп күткүлө! Ошол депутат куруп берген спорттук аянтка балдак менен басып калган мунжу неберемди жетелеп сейилдетем дегиле!

Мугалимдердин айлыгын көбөйтөм деп атышабы? Жакшылап карап көргүлөчү. Балким мугалимдин айлыгын көбөйтөм, бирок балдарыңарды баңгиликке, сойкулукка, жыныстык катнашка окутам деп аткандыр? Балким кызтекелердин санын көбөйтүп, алардын укугун коргойм деп аткандыр? Эгер ага да макул болсоңор, шайлай бергиле. Бирок эртеңки күнү уулуңуз үйүңүзгө бир көгүлтүр жигитти жетелеп келип, жүгүнтө турган болсо, берер батаңызды да камдап алыңыз. «Артыңды да, алдыңды да мал бассын» дейсизби, же «балакет-мээнеттин баары үстүңөн кошо бассын» дейсизби, аны өзүңүз таап аларсыз.

Баса, ойдо жок жерден айлыктын баарын көбөйтөм дегендерди абайлайлычы. Балким жер менен суунун баарын саткандан кийин айлыкты көбөйтүп койбосун. Өтүгүң тар болгон соң, дүйнөнүн кең болгону курусун деп калбайлы.

### Алчуңузду алдыңыз, соодаңыз бүттү!


Анда кимди шайлайбыз дейсизби? Чынында бул жагы кыйын. Көптүн ичинен мыктыны тандоо ар дайым эле кыйын болуп келген. Бирок буга чейин кимдин эмне кылганын жакшылап карап көрсөңүз, анда кимди шайлашты эмгиче аздыр-көптүр билип калат элеңиз. Мисалы, буга чейин кимдер акча таратып шайланып келишти? Биринчи эле ошолорду сызып салыңыз. Кимдердин олчойгон бизнестери бар? Аларды да сызыңыз. Себеби андайлар элди ойлош үчүн эмес, өз бизнесин калкалап калыш үчүн гана келатканы айдан ачык эле көрүнүп калган. Отурат го не бир күтүргөн бизнесмендер. А келсе да депутат, Б келсе да депутат болуп отурушат. Бирок алардын өз биснесинен башка өнүктүргөн эч нерсеси жок. Чынында акчаны тараткандар да, жанагыдай бир нерсе сала койгондор да ошолор. Бизнесин коргош үчүн, өнүктүрүш үчүн алар эмнени болбосун сатып алганга даяр. Бизнесмен түшүнүгү деген ошол. Алгач чыгаша чыгарат. Андан кийин кирешеге тунат. Алгач акча кетирип, добуш сатып алат. Андан кийин беш жыл шатырата соодасын кылат. Эгер сиз ушундай адамды шайлаган болсоңуз, анда болду, эч кимге таарынганга укугуңуз жок. Себеби сиз алчуңузду алдыңыз. Сиздин соодаңыз бүттү! Беш жылдык тандооңузду кылдыңыз. Эми өзүңүз шайлаган бизнесмен сизди кандай шылдыңдап, кандай тоноп атканын гана көрүп туруңуз. Ырахаттанып көрөсүзбү же наараазы болуп көрөсүзбү, ал жагы өз ишиңиз. Кыскасы, өзүңүзгө татыктуу жооп алып атканыңызды гана сезсеңиз болду.

Баса, партиядан партияга секирген, шайлоо жакындаган сайын бүркүт көргөн түлкүдөй кайпактаган депутаттардын сүрмө тобун көрдүңүзбү? Эгер аларга ушу кезге чейин «Азамат! Баракелде! Ушундай шумшук болуш керек. Мен дагы депутат болсом ушундай кылмакмын» деп келсеңиз, анда кадырыңыз жан болсун. Шайлаңыз ошону. Шайлап коюп дагы беш жыл тишиңиздин кирин соруп, ыраазы болуп отура бериңиз. Балким алар бул жолу сиздин жериңизди да сатып жиберер. Балким ал сиздин балаңызды да кан какшатып сыздатаар. Ошого чейин ырахаттана туруңуз. Бирок качандыр бир күнү башыңызга иш түшсө үйүнөн жылан чыккан немедей жол-жолго түнөп, элди беймаза кылбаңыз.

### Үзөңгү-Кууш менен Каркыра, мөңгүлөрдү чогуу эле сатпадыкбы

Коё турсаңыз. «Үзөңгү-Кууш менен Каркыра сатылып кетти» дейсизби? Тиги киши эмне дейт? «Суулар сатылып атат. Мөңгүлөр талкаланып атат» деп атабы? Кызык. Силер эмнеге наараазы болуп атасыңар? Ошонун баарын баарыбыз чогуу эле сатпадыкбы? Биз Үзөңгү-Кууштu алгач бир бөтөлкө аракка саттык. Андан кийин Каркыра үчүн ар бирибиз 100 сомдон 500 сомго чейин алдык. Же калппы? Алгачкы президентти шайлаарда арагын ичтиңер эле, ал ошол арактын акчасын жабыш үчүн Үзөңгү-Кууштu берди. Андан кийинкисин шайлаш үчүн чөнтөккө акча солодуңар эле, анысы Каркыраны карматты. Эмкилери болсо силерге бериш үчүн сууларды, мөңгүлөрдү сатып атат. Эми дагы сурасаңар дагы бирдемелерди сатат. Эгер чын эле наараазы болсоңуз, анда сатпаңыз. Жетишет да. Акча көргөзсө эле көзүңөрдү кызартып сатып ийбей, «мунун акысына эртең эмне кетер экен?» деп ойлонуп көргүлө. Терең ойлонгула. Кийин сүйлөнбөгүдөй болуп, наараазы болбогудай болуп ойлонгула.

# Секелек кыздар эне болуу бактысынан эрте ажыроодо



Илгери өспүрүм секелек кыздардын эрмеги куурчактарга көйнөк тигүү болсо, азыркылар улутубуздун салтына туура келбеген жаш, күнөөсүз жанды өлтүрүү, башкача айтканда, "аборт" кылууну адатка айлантып алышкандай

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

### Организм калыбына келбестен кыздар эне боло албайт

Учурда Кыргызстанда "аборт" маселеси көйгөй жаратып, анын ичинен өспүрүм кезде бойго бүтүү өтө актуалдуу суроого айланууда. Түшкө киргис коркунучтардын бири болгон өткөөл курактагы кош бойлуулук жыл санап өсүүдө. Расмий статистикага таянсак, дүйнө жүзүндө жылына 12-16 жаштагы секелек кыздардын 5-10 пайызы кош бойлуулукка кабылышып, бул көрүнүш соңунда аборт менен аяктайт.

Такталган маалыматтар боюнча Кыргызстанда жылына миңге жакын мектеп окуучулары боюнан алдырса, расмий эмес булактарда бул көрсөткүчтүн саны мындан да арбын делет. Күнүнө бейтепкананын гинекология бөлүмүнүн босогосун жок дегенде эле 1-2 бойго жете элек кыз аборт маселеси менен аттайт.



**КММАнын медициналык борборунун акушер-гинекологу Татьяна Петровна** эрте куракта бойдон алдыруу катаал кесепеттерге алып келерин белгилеп, төмөнкүлөргө токтолду: "Секелек кыздардын бойдон алдыруусу өтө кооптуу көрүнүш. Себеби жаш организм эне болуу функциясына даярданып жатканда бойдон алуу гормоналдык тең салмактуулукту бузат. Бул учурда организмдеги гормондор кайра калыбына келүү үчүн 3-4 ай өтөт. Бирок кээде бузулган организм калыбына келбей калышы да мүмкүн, соңунда өспүрүм кыздар эне болуу мүмкүнчүлүгүнөн толугу менен ажырайт, башкача айтканда, бул тукумсуздукка алып келет,".

Кыргызстандын Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалыматы боюнча 2012-жылы 20 жашка чейинки кыздардын 1789у аборт жасатса, 2013-жылы 1642 өспүрүм бойдон алдырышкан. Аталган көрсөткүчтөрдүн 70 пайызы каалоосуз бойго бүтүү болуп саналат.

### Жигитиме турмушка чыктым, бирок эки айрылыш жолго түштүк

20 жылдан ашуун мектеп мугалими болуп эмгектенип келе жаткан Гүлмира Базаралиева ата-эненин тарбиясы өткөөл куракта канчалык деңгээлде роль ойноору тууралуу төмөнкүчө жооп узатты: "Илгери "Кызга кырк үйдөн тыюу" берилип, тарбияга өзгөчө көңүл бурулар эле. Азыркы тапта ата-эне баласы эмне менен алектенип жүргөндүгү тууралуу билбейт. Биринчи орунга жумуш, акчаны чыгарып алышып, өз милдеттерин унутуп калышууда. Мектептен да түшүндүрүү сабактарын өткүлө дейт, бирок биздин берген маалыматтар жетишсиз болот. Ошондуктан өзгөчө энелер кыздарына көбүрөөк тарбия бериши керек".

Секелек кыздын аборт кылуу чечимине келүүсүнө эркектердин жоопкерсиздиги, ата болууну каалабагандыктары жана зордуктоолор себеп боло алат. Дал ушундай жагдайлардын бирине дуушар болгон Сокулук районунун тургуну М.А. 9-класста боюнан алдырганын төмөнкүчө баяндап берди: "Жигитим менден бир топ жаш улуу эле. Боюмда болуп калгандыгын айтканда менден кол үзгөн. Алгач ата-энемден корктум, классташтарымдан уялдым, соңунда аборт жасаттым. Кийин кайра эле ошол жигитиме турмушка чыктым. Бирок балалуу боло албадык, жыйынтыгында эки айрылыш жолго түштүк. Азыр же окуудан жок, же турмуштан жок ара жолдо калдым".

### Аялдын ден соолугуна коркунуч болсо гана аборт мүмкүн

Мусулмандардын диний башкармалыгы бул көйгөйдү калктын сексуалдык маселелерге жеткиликтүү маани бербей келе жатканы менен байланыштырат. "Шарият боюнча бойдон алдыруу кишини өлтүрүүгө барабар кечирилгис күнөө. Өспүрүм кыздардын аборт жасаткан күнөөсү шариятта өздөрүнө жана ата-энелерине да жазылат. Ошол себептен жаштарга түшүндүрүү иш-чараларын мектептерде гана эмес, үй-бүлөлөрдө да жүргүзүп туруу шарт,"-дейт мечит имамы Апсамат молдо.

Гинекологдордун айтымында, өспүрүмдөрдө жыныстык катнаштын эрте башталышы бойдо болуп калуу менен гана аяктабастан, түрдүү жыныстык инфекцияларга да жол ачат. Алсак, 2012-жылы сифилис, гонорея, трихоманияз, хламидиоз, гарднеллез сымал жыныстык ооруларга кабылган 14 жаштан 19 жашка чейинки өспүрүм сeкелектердин саны 1506 жетсе, 2013-жылы 1209 болгон.

Бойдон алдыруу маселеси юридикалык суроо болуп саналгандыктан, өнүккөн өлкөлөрдө атайын мыйзамдар кабыл алынган. Ден соолукка психологиялык жана физиологиялык коркунуч келтирбесе, аборт жасатууга Испания, Швейцария өлкөлөрү мыйзамдуу түрдө катуу тыюу салган. Түркия, Индия мамлекеттеринде ата-энесинин, туугандарынын жана жолдошунун уруксатысыз бойдон алдырууга мүмкүн эмес. Көп мамлекеттерде аялдын ден соолугуна коркунуч туулган учурда гана абортко уруксат берилет.

### Ой-жорум

Кыргыз Республикасында өспүрүмдөрдүн бойдон алдыруусун көзөмөлдөгөн мыйзам бар же жок экени тууралуу **"Адвокат" юридикалык конторасынын юристи Рысбаева Асель Алишеровна** төмөнкүлөргө токтолду.

"Жашы жете электерге аборт кылууга тыюу салган мыйзам жок. Себеби мамлекет тарабынан жарандардын репродуктивдик эркин тандап алуу укугун ишке ашыруусуна кийлигишпөө кепилдиги берилген. Бул жарандардын тукум улоо, алардын репродуктивдик ден соолугун сактоо жана никеде же никеден тышкары балдардын төрөлүшүнө же балдардын төрөлүшүнөн баш тартууга карата чечимдерди кабыл алууга эрктүү дегенди билдирет.



Кош бойлуулукту жасалма жол менен токтотуу лицензиясы бар саламаттык сактоо уюмдарында гана жүргүзүлөт. Ал уюмдарда аталган медициналык ишмердүүлүккө тийиштүү лицензия болот. Аборт кош бойлуулуктун мөөнөтүнө, социалдык жана медициналык көрсөтмөлөргө жараша кылынат.

Медициналык кийлигишүү катары аборт өспүрүмдөрдүн жана ата-энелеринин же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн макулдугу менен жашыруун сырды сактаганда жана балдар менен өспүрүмдөргө боорукер мамиле жасалганда жүзөгө ашырылат.

КР Кылмыш жана жаза кодексинде тиешелүү багыттагы жогорку медициналык билими бар адам мыйзамсыз түрдө биреөнүн боюнан түшүргөнү үчүн 50 миңден 100 миң эсептик көрсөткүч өлчөмдө (5000-10000 сом) айыппул төлөйт. Ал эми анын мындай аракеттери байкабастыктан жабыр тартуучунун өлүмүнө же башка оор кесепеттерге алып келсе, ал адам эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратуу менен белгилүү бир кызматты ээлөөгө, же болбосо, үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир иш менен алектенүүгө тыюу салууга жазаланат".

Өспүрүм кыздардын бойдон алдыруусуна мамлекеттик деңгээлде олуттуу чара көрүлбөсө, ата-эне институту, мектеп жамааты бирге иштебесе, анда бул көрүнүштү токтотууга мүмкүн эмес.

## Статистика

- Өспүрүмдөр арасындагы бойдон алдыруу боюнча Россия биринчиликте турса, андан кийинки орундарды АКШ жана Канада ээлейт.
- 2010-жылкы статистикалык изилдөөлөр боюнча 15-19 жаштагы бойго жете элек кыздар тарабынан аборт жасатуу боюнча изилдөө жүргүзүлгөн. Анда 35 мамлекеттин ичинен Кыргызстан 21-орун алган.
- Казакстанда ташталган балдардын 29 пайызы 18 жаштагы өспүрүм кыздар тарабынан калтырылат.
- Дүйнөлүк Саламаттыкты сактоо уюму билдиргендей, ар жылы 15-19 жаштагы 16 миллион жана 15 жаштан ылдый 2 миллион өспүрүм кыздар эне болушат.

# Ж.Акималиев: «ЕАЭБ убадасы кечеңдеп, жер-жемиштер сатылбай калды»

Кыргыз дыйканчылык илимий изилдөө институтунун башкы директору, академик Жамин Акималиев

ЧОЛПОНАЙ ЛАТЫПЖАН КЫЗЫ



Жергиликтүү дыйкандар айыл чарба азыктары арзан сатылып, анысы аз келгенсип, базарларга толуп, жашылча-жемиштер чирип жаткандыгын айтып жатышат. Мунун себеби өлкөдө айыл чарба саясатынын жоктугу. Быйыл Бажы биримдигине киребиз, анда жашылча-жемишке талап көп болот деп, өкмөт дыйкандарды ошого багыттаган. Мындан улам дыйкандар буудай, пахта талааларын кыскартып, жашылча-жемиштерге өзгөчө басым жасашты. Бирок биримдикке кирүү мөөнөтү кечеңдеп, өндүрүлгөн продукция сыртка сатылбай калды. Ошол себептен картошка 5 сом, капуста 1 сом болуп, дыйкандардын эмгеги актабай жатат.

Өкмөттүн туура эмес саясатынан улам дыйкандар сыз жерге отуруп калды десек болот. Мындай абал болоору алдын ала эле божомолдонуп жаткан. Элге туура түшүндүрүү иштерин жүргүзгүлө деп, айыл чарба адистери кайра-кайра айтканбыз. Бирок эч кандай аракет болгон жок. Азыр өлкөдө 350 миң майда чарба бар. Алар кантип сыртка сатышат, бул маселе бир да жолу көтөрүлгөн жок. Өндүрүлгөн жемиш чогулуп топтолгондон кийин гана сыртка алып чыгууга шарт түзүлөт. Алар кантип топтолот, кимге каралат, кайда сакталып чогултулат, бул азыркыга чейин белгисиз. Өндүрүмдүн тазалыгын текшерип, ага сертификат бере турган лаборатория да, логистикалык борбор да түзүлө элек.

Биримдикке кирип, чек аралар толук алынып салынса, биз утулабыз. Казакстан, Орусия, Белорус эчак эле даярданып алышкан, алардын бул жаатта тажрыйбасы көп. Лаборатория, логистикалык борбор жок биз эч нерсени сыртка алып чыга албайбыз. 2007-жылы Орусия шарп оорусу бар деп, бизден эт азыктарын сатып алууга тыюу салган. Бул чектөө азыркыга чейин алына элек. Сүт азыктарын да сатууга чектөө бар. Жашылча-жемиштерди сатабыз деп төш кагып келебиз. Бирок алардын тазалыгын тастыктаган документ жок болуп жатпайбы.

Лаборатория, логистикалык борборлорду курууга Кыргыз-Орус өнүктүрүү фондундагы каражат жумшалат деп айтылган. Бирок каражат келсе да, куруу иштери башталa элек. Ал курулуп ишке киргенге чейин 5 жыл өтөт. Ал аралыкта кыргыз экономикасы кандай абалга кептелет, аны ойлонгон адам жок.

Өзбекстан менен Тажикстанга бир да товарды алып кире албайсың. Бирок эмнегедир бизге алардын товарлары аткезчилик болсун, же болбосо, ачык-айкын эле кире берет. Аны көзөмөлдөгөн орган да жок. Коңшу өлкөлөрдө жашылча-жемиш арзан өндүрүлөт, эрте бышат. Биздин дыйкандар алар менен атаандаша албай кыйынчылыктарга кабылууда. Өкмөт жергиликтүү өндүрүшчүлөрдү колдоо максатында программаларды иштеп чыгышы шарт. Калктын 65 пайызы дыйканчылык менен күн көрөт.



# У.Ниязалиев: «Орусиянын базарын гана максат кылбашыбыз керек»

Sunshine Global Trade ишканасынын өкүлү Уран Ниязалиев

Өкмөт биримдикке кирүү боюнча эч кандай даярдык көргөн жок. Ошол себептен дыйкандар бүгүнкү күндө кыйынчылыктарга туш болуп жатат. Айыл чарба тармагында саясат туура жүргүзүлбөй келет. Биз бир гана Орусиянын базарын максат кылбашыбыз керек. Ал жакка жетүү үчүн Казакстандын аймагын басып өтүү шарт. Эртеңки күнү Казакстан атаандаштыктан улам, ар кандай чектөөлөрдү койбойт деп эч ким кепилдик бербейт. Бизде өндүрүлгөн продукция балким Казакстандын аймагына кирип, ошол жакта өндүрүлгөн деген эн белгиде Орусиянын аймагына кирет. Бул боюнча өкмөт эч кандай чара колдонгон жок. Эт, сүт азыктарына болсо чектөөлөр качан алынат азырынча белгисиз. Ал үчүн биз малдарды паспорттоштурушубуз керек эле. Бирок азыркыга чейин бул боюнча иш-аракеттер көрүлө элек. Соодада бир эле жакты карап отуруу туура эмес. Биз башында туура эмес саясатты баштап алдык. Азыр баарыбыздын максатыбыз ЕАЭБдин аймагы гана болуп калды. Бирок биздин продукцияга кызыккан башка толтура өлкө бар. Мисалы, Араб өлкөлөрү эт азыктарына кызыгып келет. Бирок эмнеге аларга экспорттоо аракетин көрбөйбүз. Биз экспортко шарт түзүп беришибиз керек. Мисалы, эч бир өлкөдө экспорттолчу товарга салык алынбайт. Бизде экспорттоло турган товарга салык салып койгон. Бул албетте, экспортту артка тартып келет.

# Э.Абакиров: «Жаңы салынган үйлөр 5-10, эскилер 20-40%га арзандашы мүмкүн»

"ЖИА" курулуш комитетинин төрагасы Элдар Абакиров





Курулуш тармагында оор абал болоору бир жыл мурда эле байкалган. Ошондуктан декабрь айында жыйын өткөрүп, курулуш компанияларына жаңы курулуп жаткан объекттерди токтотуп турууну сунушун айткан элек. Бул сунушка макул болуп, жаңы курулуштарды баштабаган компаниялар учурда оор абалга туш болушкан жок. Азыр коомчулук өздөрү деле байкап жатса керек, көпчүлүк курулуштар оор абалдан улам токтоп калды. Жаңы салына баштаган курулуштар да бар. Бирок алар өз акчасына салынган курулуштар болуп жатат. Ал эми элден акча топтоп курулган курулуштар күндөн-күнгө токтоп жатат. Мунун себеби мигранттардан жылына 2-3 млрд. доллар акча келсе, анын жарымы тамак-аш керектөөсүнө кетип, калган акча курулуш сыяктуу тармактарга инвестиция болуп келет экен. Азыр мигранттардан келген каражат азайгандыктан акчанын баары тамак-аш керектөөсүнө гана жумшалып жатат. Өлкөдө үй алам дегендер абдан көп, бирок алардын мүмкүнчүлүгү болбой жатат. Аларга ыңгайлуу шартта сатуу үчүн төлөө мөөнөтүн 10-15 жылга узартуу керек. Бирок анда компанияга ыңгайлуу болбой калат. Казакстанда карапайым калктын үй алуусу үчүн мамлекет жардам берет. Бирок бизде бюджетте акча тартыш болгондуктан жардам бере албайт.

Курулуш материалдарынын дээрлик баары сырттан келет. Орусиядан курулуш үчүн гана материалдарды алабыз. А косметикалык курулуш материалдар Кытай, Түркия ж.б өлкөлөрдөн келет. Мындан улам абал турукташат дегенге ишенүү кыйын. Материалдын 50 пайызы арзан болгону менен 50 пайызы дагы да кымбат баада алынып калат. Жаңы курулуп жаткан үйлөр 5-10 пайызга арзандайт. Андан ары арзандаса, курулушчу кетирген чыгымды да жаба албай калат. Ал эми мурда салынган үйлөр болсо 20-40 пайызга чейин арзандайт деген божомолдор бар.

Курулушчулар объекттерди бүтүрүү аракетинде. Бирок алдын-ала бир нерсе деп айтуу кыйын. Ал эми үй сатып алуучуларга 80-90 пайыз бүтүп калган үйдөн сатып алуусун айтат элем. Алардын бүтүү ыктымалдуулугу жогору.

# А.Акелеев: «Өкмөт шайлоого даярданып башка иштер кийинкиге калган»

"Промотанк» консалтинг компаниясынын жетекчиси Азамат Акелеев



Расмий маалыматтар боюнча үстүбүздөгү жылдын биринчи кварталында курулуш тармагындагы көлөмдөр өткөн жылдагы ушул мезгилге салыштырмалуу 20-25 пайызга төмөндөп кеткен. Биздин экономика Орусия менен тыгыз байланышта болгондуктан ушундай абал жаралып жатат. Мигранттардын 90 пайызы Орусияда иштейт. Сырттан келген каражаттын басымдуу бөлүгүн да ал жактан келген акчалар түзөт. Мигранттардан келген каражат акыркы 4 айда 37 пайызга кыскаргандыгын Улуттук банк билдирген эле. Мындан улам көп кабаттуу үйлөрдү сатып алуу азайган.

Шайлоо жакындап калгандыктан бийлик мүчөлөрүнүн баары шайлоого даярдыктарды көрүп, башка иштер кийинки планга түртүлүп калган. Өлкөнү өнүктүрүү боюнча 5 жылдык план иштелип чыккан. Бирок иштер анда көрсөтүлгөндөй аткарылбай жатат. Программада көрсөтүлгөн иш-чаралар убагында жүргүзүлсө, эч бир тармак кризиске кабылбайт болчу.

Курулуш тармагы экономиканын локомотиви деп айтылат. Ал өзү менен кошо дагы 7-8 тармактын өнүгүшүн шарттайт. Курулуш тармагындагы оор абал албетте, калктын социалдык-экономикалык абалына терс таасирин тийгизет. Курулуш токтоп жатса, демек, жумушчулар ишсиз калды. Курулуш компаниялар жумушчуларын 5-10 эсеге кыскартты. Жумушсуздардын саны күндөн-күнгө өсүүдө.



# Баш ооруу

Баш оору бир эле нерседен пайда болбойт. Ал кандайдыр бир башка оорунун симптому болушу мүмкүн. Баш оорунун 200дөн ашуун себеби бар. Алардын кээ бири эч кандай коркунуч алып келбесе, кээси олуттуу оорунун симптому болушу мүмкүн

ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

## Баш ооруунун себептери:

- Мигрень;
- Баштын травма алышы;
- Мээнин кан тамырларынын кысылып калышы;
- Мээдеги кандын коюланышы;
- Баш сөөктүн ички кан басымынын болушу;
- Көз, мурун, кулак, бет, жаак, тиш оорулары;
- Дары-дармек же кандайдыр бир нерсени такай колдонуп жүрүп, аны дароо таштап салуу;
- Организмде инфекциянын болушу;
- Психикалык оорулар: стресс, депрессия;
- Аз кандуулук жана башка органдардын ооруларынын, ошондой эле башталгыч биринчи оорулардын болушу.

## Ооруга алып келүүчү факторлор:

- Эмоция;
- Оор жумуш, чарчоо;
- Туура эмес тамактануу;
- Алкоголь жана тамеки;
- Уйкунун бузулушу;
- Ызы-чуу, аба ырайынын өзгөрүшү;
- Күнгө кактануу;
- Гормондук бузулууда дээрлик көбүнчө аялдарда кезигет.

## Ооруну басуу үчүн:

Парацетамол, Ибупрофен, Солпадеин ж.б. дарыларды колдонсо болот. Күчтүү дарыларды дарыгердин айтуусу менен ичүү керек. Мындан сырткары башка, желкеге массаж жасоо, ийне сайуу керек. Оорулуунун тынч абалда болушу шарт.

**Баш айлануу** — айланадагы буюмдардын же өз денесинин ордунан жылгансып сезилиши жана тең салмактуулуктун бузулушу.

Оорулууга буюмдар айлангандай, дубал жана шып кулачудай көрүнөт, басканда тең салмактуулугун кармай албай темтеңдейт, кускусу келет, кубарып, тамыр жай кагат. Баш айлануу нерв системасынын, дененин тең салмактуулугун жөнгө салып туруучу бөлүгүнүн (айрыкча ички кулакта жайгашкан вестибул аппаратынын) иштөөсүнүн бузулушунан болот.

Дени сак адамдар дене абалын кескин өзгөрткөндө, бийиктикте иштегенде, деңиздин чайпалуусунан улам жана башка учурларда башы айланышы мүмкүн. Көбүнчө өтө сезгич вестибуль аппараты бар кишилерде кездешет. Алар бала чагынан селкинчек тебе албайт, машинада жүргөндө кыйналат. Баш айлануу гипертония (кан басымдын көтөрүлүшү) ооруларында, мээнин кан тамырларынын ичин май басып калуу), ортоңку кулактын ооруларында, баш травмага учурагандан кийин, ошондой эле ичкилик, никотин, газ жана башкалардан уулануудан болот. Баш айлануунун себебин догдур аныктап, ага тийиштүү дарылоо жүргүзөт. Баш катуу айланганда жыгылып кетпөө үчүн төшөккө жатып, дарыгер чакыруу зарыл.

## Баш оорунун алдын алса болот

**1.** Кээде башыбыз катуу ооруганда уктасак, кадимкидей эс алып калабыз. Бирок өтө көп укталганда да баш чымырап ооруп чыгат. Анан да эң негизгиси күндүз уктабаганга аракет кылыңыз. Себеби күндүз баш оорубай эле туруп уктаган адам бир нече сааттан баштап, бир нече күнгө чейин тынбаган баш ооруга чалдыгышы мүмкүн.

**2.** Чалкаңыздан жатканды үйрөнүңүз. Анткени адам көмкөрөсүнөн жатканда моюн булчуңдары жакшы иштебей, баш ооруну пайда кылышы ыктымал.

**3.** Сагызды көп чайнагандар да баш ооруга тез-тез чалдыгышат. Анткени сагыз чайнап жатканда жаак булчуңдар чыңалып иштеп, баш ооруну пайда кылат.


**4.** Шоколаддан баш тартканыңыз туура болот. Канчалык каалап турганыңыз менен анын курамындагы тирамин эртели-кеч баш ооруну козгойт.

**5.** Сууда сүзүүдө көпчүлүк адамдар суунун агымына каршы сүзүшөт. Себеби ошол нерседен ырахат алышат. Бирок убактылуу ырахат алганыңыз менен андан кийинки баш оору көпкө басылбай, сизди бушайман кылышы мүмкүн. Муну да эске алуу керек.

**6.** Чакчая тийген күндүн нурунан, бөлмөдөгү жарыктан сактаныңыз. Анткени жарыктан көздү чүрүштүргөндө көзгө күч келип, жыйынтыгында баш ооруну пайда кылат. Жайында күндүн нурунан коргоочу көз айнек тагынып жүргөн оң.

**7.** Күчтүү жыттардан качыңыз. Кокус жаныңызга атырды (болгондо да жагымсыз жыттагы) себинген адам туруп калса, дароо башыңыз ооруп чыгышы мүмкүн. Ошон үчүн мындай учурларда жаныңызга цитрус өсүмдүгүн сала жүрүңүз. Башыңыз ооруп баштаганда бир нече мүнөткө жыттасаңыз, баш оору кадимкидей тарайт.

## Баш ооруга жардам берүүчү өсүмдүктөр



**Арпа.** Арпа кайнатмасын даярдаш үчүн 100 грамм арпаны 0.5 литр сууда 10 мүнөт кайнатуу керек. Ушул кайнатмадан күнүгө 1–2 жолу 10 граммдан ичүү жакшы жардам берет.

**Тоо ысырыгы.** Ысырыкты түтөтүп, башты 21 жолу тосуу керек. Бир боо ысырыкты бир чака сууда кайнатып, марлиден өткөрүп, үстүнө ысык суу куюп, ваннада жатса, тез жардам берет.

**Шабдаалы жалбырагы.** Муну ата-бабалардан бери колдонуп келген. Баш ооруса, бир аз шабдаалы жалбырагын алып, чыны идиште демдеп, 10 мүнөт коюп туруп, тамактануу алдында бир стакан ичсе, тердөөнүн натыйжасында баш оору тез калат. Муну баш ооруганда гана ичүү керек.

**Капуста.** Капустанын жалбырагынын суусун чыгарып туруп, маңдайга, билекке, кулак артына басса, бир аздан кийин оору калат. Капустанын ширесин чыгарып, мурунга тамызса, мээни тазалайт. Баш оору калат.

**Жалбыз.** Жалбыздын эң үстүнкү жалбырагынан демдеме жасап ичсе, ар бир организмге пайда берет.

**Картошка.** Баш ооруну калтыруу үчүн аарчылган картошканы кыргычтан өткөрүп алып, анын ширесин жарым стакандан 2–3 жолу ичсе, эң жакшы жардам берет.

**Тоо арчасы.** Жаш арчадан алып кургатып, аны жанчып, анын майдасын жыттап жүрсө, ал да жардам берет. Арчанын курамында эфир майы көбүрөөк.

**Алма.** Алманын курамында витаминдерге бай заттар бар. Глюкоза, фруктоза, сахароза ж. б. Мээ ооруганда алманын согун ичип турса, ал да жакшы жардам берет. Баш ооруга ар күнү бир чай кашык бал менен алма талканын аралаштырып жесе жардам берет.

**Пияз.** Тез-тез башы ооруп турган адамга пияздын суусун чыгарып туруп, мурунга тамызса, эң жакшы таасир берет.

# "Google"дагы Акжол: «Билгендеримди кыргыз жаштарына үйрөтүшүм керек»

Жер шарынын ар тарабында намыскөй, мекенчил жана аракетчил жаш мекендештерибиз Кыргызстаныбыз жана улутубуздун мыкты үлгүсү болушууда. Алардын бири, жаңы технологиялар боюнча дүйнөдөгү эң ири деп эсептелген "Google" компаниясында иштеген мекендешибиз Акжол Абдухалиев менен маектештик

ДИНАЛИАНА ДЖУНУШЕВА

### «Жаңы технология кусалыкты азайтат, бирок...»

Мен Кыргызстанга келип, өз элимди, жеримди, туугандарымды, досторумду көргөнүмө кубанычтамын. Чет өлкөдөн келерим менен айылга ата-энемдикине бардым. Жалпылап айтканда, Кыргызстандагы эс алуум жакшы маанайда өтүп жатат. Кыргызстанга эки жылда бир келип турам. Акыркысы 2013-жылы дал ушул убакта келдим эле. Мекенибизди албетте сагынабыз. Кусалык болот дегендей. Азыр ал кусалыкты азайта турган радиолор бар, интернеттен кыргыз ырларын угуп, кинолорун көрөбүз. Скайп менен туугандар, достор менен сүйлөшүп турабыз. Ошолор кичине кусалыкты азайтат. Бирок ошондой болсо деле достор менен, туугандар, ата-эне менен баарлашып отуруп, күндө көрүп же балдарыңды, кыздарыңды чоң ата, чоң энеси, таята, тайенесиникине жиберип, катташтырып турган сыяктуу нерселер жетишпейт. Жаңы технология ошолорду азайтканга аракет кылат, бирок бары бир ордун баса албайт деп ойлойм.

### «Microsoft» менен «Google» компанияларында иштөө, эс алуу тартиби окшош эле...»

Мен алгач «Microsoft» компаниясында иштедим. Бир жылдан бери «Google» компаниясында иштеп жатам. Чоң компаниялардын иштөө, эс алуу тартиби бири-бирине окшош эле. Ал жакта иштөө сааты деген түшүнүк жок. Долбоор алганда аны бүтүрүш керек болот. Жумушка каалаганыңдай барып кетсең болот. Кээде барбай эле, үйдөн иштесең болот же иштегим келбей жатат десең деле болот. Ал эми эс алуу тууралуу айта турган болсок, жумуштагы коллегалардын арасындагы ынтымакты чыңдаш максатында ай сайын же эки айда бир түрдүү иш-чаралар уюштурулуп турат. Башка шаарларга барып оюн-зоок, кечелерге күбө болуп турабыз. Кызматкерлер бирибирин таанып, ынтымактуу болушуна көп көңүл бурулат.

### «Кыргызстанда 1990-жылдарда колдонулган жарнама технологиясы колдонулат...»

Онлайн жарнама бөлүмүндө 3,5 жылдай иштеп калдым. Биздин негизги максат адамдарга кызыктуу жарнама көргөзгөнгө аракет кылуу болчу. Мисалы, бир кинонун трейлери чыкса ошону адамдар аябай кызыгып көрөт. Мындай карап көргөндө ал деле реклама. Мүмкүн болушунча, трейлерге жакын, сиздин кызыгууңузга, сиздин азыркы учурдагы керектөөңүзгө жараша жарнама көргөзүү максатында катуу иштедик. Көп жарнамалар ар тараптан чыгып, адамдардын жинине тиет. Бирок биз ошонун сапатын жакшыртып, трейлер сыяктуу эле адамдарды кызыктыра турган жарнамаларды көргөзгөнгө аракет кылдык.

Мен Кыргызстандын көбүнчө онлайн жарнама жактарына көңүл бурам. Технология жактан аябай эле артта калганбыз. Биз дагы деле 1990-жылдарда колдонулган жарнама технологиясын колдонобуз. Кызыкчылыгыңызга жараша жарнама чыкса, жарнама бергендерге да, ошол сайтка да, сизге да көбүрөөк пайдалуу болмок. Бир эркек сайтка кирип окуп жатса, ага аялдардын ооз боёгучунун рекламасын көргөзгөндүн эч пайдасы жок. Жарнама берген кишинин акчасы кетет, сизге деле кызыксыз. Ошол технология жактан аябай артта калганбыз. Муну акыркы технологияларга өткөрүү керек. Эмне үчүн өткөрүлбөй жатканы белгисиз. Балким адистердин жетишсиздигиби же онлайн жарнамага көп көңүл бурулбагандыгыбы, так билбейм.

### «Америкада тааныш-билиш, шанс деген нерсе жок...»

Америкада жашагандан бери бир нерсе байкадым, ал жакта ар ким өзүнүн тырышкандыгына, аракетине жараша ийгиликке жетет экен. Тааныш-билиш, шанс деген нерсе жок. Мамлекет тарабынан тоскоолдук да жок. "Америка кыялы" деп айтып коюшат го. Ал жерге барып мигрант болуп жүрсө деле чоң ийгиликтерге жетиши мүмкүн. Балким ошон үчүн фирмалар же жылдыздар Америкага умтулушат. Мисалы, "WhatsApp"тын куруучусу тамагына акча жок талон менен кезекте туруп жүргөн эле эмигрант болчу. Азыр кандай деген миллиардер болду.

Адамдын эмгеги аябай бааланат. Өзгөчө инженерлердин убагы, эмгеги. Бирок эмгек жөнүндө сөз кыла турган болсок, Америкада элдер чындап көп иштешет экен. Ал жактын эли аябай тырышчаак келет. Кечке иштешет. Көрсө ийгиликке ошон үчүн жетишет экен. Америкада төрөлүп калып эле ийгиликке жетишет деген нерсе жок. Анын артында көптөгөн эмгек болот экен. Бул жогоруда айткан нерселердин баары бир эле кыргыздарга гана тиешелүү эмес. Мен Россияда, Турцияда, Канадада жашап көрдүм. Мен көрүп-билген өлкөлөргө салыштырып айттым.



"WhatsApp"тын куруучусу тамагына акча жок талон менен кезекте туруп жүргөн эле эмигрант болчу.

### «Google»дын кыргыз тилинде иштеген программалары бар...»

Кыргыз тилин киргизүүдө ушул убакка чейин көп аракеттер жасалып, кыйла жылыш болду. Өзгөчө "кыргыз котормочулар" деген топ ачып алып, ошол жерде өзүбүздүн эле улан-кыздар сөздөрдү англисчеден же орусчадан кыргызчага которуп жатышты. Жумуштун көбүн ошолор эле кылды. Аябай көп сөз которулду. «Google translate»ке кириш үчүн кандай нерселер керек экенин билбейм. Бирок сөздөр канчалык көп которулса ошончо жакшы болот деген ойдомун. Анан «Google translate» болбосо деле, «Google»дын башка көп программалары кыргыз тилинде иштеп жатат. Жакында кыргыз тили да кирип калат деген үмүттөмүн.

«Google»да офиске өзгөчө көңүл бурушат. Ар бир иштеген жерге жакын ден-соолукка пайдалуу ашканалар бар. Оюн ойногон жерлер, чарчасаң уктай турган бөлмөлөр. Негизи эле ойго келгендин баарын ар кайсы жакка куруп койгон. Спорт залы деле бар, сүзгөнгө бассейн, ойногонго теннис дегендей. Негизи ким эмнеге кызыкса, жумуш учурунда, жумуштан мурун же кийин деле кампустан чыкпай эле бар болгон жумушун бүтүрсө болот.

### «Microsoft»то Кыргызстандын атынан иштеп жаткандай сезилчү...»

Иштеп баштаганда кыргыздар аябай аз болуп, Кыргызстандын атынан иштеп жаткандай сезилчү. Себеби кыргыздардан биринчи сени таанып жатса, мага карап кыргыздарды аныктап алат деечүмүн. Мен кыргыз, орус, түрк анан англис тилдеринде сүйлөйм. Япон тилин дагы эки жылдай үйрөнгөм. Бирок аны көптөн бери колдонбогон үчүн унута баштадым деп ойлойм. Эч бир өлкө биздин өлкөгө тең келе албайт. А бирок мен жашап көргөн башка өлкөлөрдү сурасаңыз, мага Америка жагат. Ал эми жакканынын себеби, жана башында айтып өткөндөй эле ал жакта ар ким өзүнүн аракетине жараша ийгиликке жетишет. Эл тараптан да, мамлекет тараптан да эч кандай тоскоолдук жок. Эгер менин бир максатым, кыялдарым болсо Америкадан башташ мага оңойураак. Ошон үчүн Кыргызстандан башка өлкө десе Америка деп айтамын.

Мен Сиетлде жашаганда 50гө жакын кыргыздар бар болчу. Жардам суратпай эле баарыбыз бири-бирибизге жардам беребиз. Жаңы келгендерге жашаганга жер таап берип, документин ырастап, же мисалы, мен көчө турган болсом, балдар келип жардам берет. Ошентип бири-бирибизге жардам берип турабыз. Калифорнияга көчкөнүмө бир жыл болоюн деп калды. Ал жерде деле көп кыргыздар бар экен. Нооруз майрамында көп кыргызстандыктарды көрдүк.

### «Жашым өтө электе өлкөгө кайтып келсем дейм...»

"Кыргызстанга качан кайтып келесиң" деген суроону аябай көп алам. Өзүм да көп ойлоном. Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет дегендей, долбоорлордун жүрүшүнө жараша кайтып келем деген ойдомун. Бирок жаштыктын, эмгектин барын чет өлкөдө өткөрүп, Кыргызстанга пенсияга чыккандa эле келбей тургандай кылыш керек. Мен билим берүүгө абдан кызыгам. Үйрөнүп, билгендеримди кыргыз жаштарына үйрөтүшүм керек. Келсем деле ошол нерсе менен алектенем деп ойлойм.



# Н.Осмонова: «Поэзия - бул менин сулуулукка, адамдыкка болгон бүтпөс кусалыгым…»

Акын жана журналист, «Ала-Тоо-97» жаш калемгерлер фестивалынын лауреаты, Жолон Мамытов атындагы сыйлыктын ээси Назгүл Осмонова менен поэзия дүйнөсү жана акындын али сыясы кургай элек «Чаалыккан кыялдар» деп аталган жаңы ыр жыйнагы тууралуу маек курдук

ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

**– Жашоодо эки нерсени туура тандоо керек деп айтылат, жар тандоо жана кесип тандоо. Жолдошуңуз менен кантип таанышып калдыңыз эле жана ал адам кандай сапаттары менен сиздин жүрөгүңүздү багындырып алды?**

– Жарыкчылыкта сен айткан эки нерсени мен дагы абдан маанилүү жана олуттуу маселе деп эсептеймин. Себеби бул эки нерсенин бирөөсүн эле тандоодон жаңылсаң, ар качан бир жериң кемигенсип, жашоонун тузу аз сыяктанып, өзүңдү жашоого артыкбаш жаралып калган адамдай сезе бересиң. Жакшы жар – жашоодо канатың, жакшы кесип – айтылып бүтпөс санатың. Колуңдан келген жана өзүң сүйгөн гана кесипти тандоо зарыл. Кесипке багыт көрсөтүү болсо, бул ата-эненин, коомчулуктун милдети. Жолдошум менен ооруканадан табышып калганбыз. Мен анда студент, ал окуусун бүтүп, ординатурада хирург болуп иштеп жүргөн учуру экен. Сокур ичеги болуп, шаардагы азыркы Улуттук хирургия борборуна түшүп калдым. Операцияны Мухаммед ысымдуу жигит жасады. Кийин ал менин өмүрлүк жолдошум болуп калды. Ал мени өзүнүн чечкиндүүлүгү, тайманбастыгы, боорукерлиги жана алтын колдуу хирург экендиги менен багындырып алды окшойт.

**– Сиздин жазган ырларыңыз бул сиздин тагдырыңыз десек болобу же башка адамдардын жашоосун да жазган учурлар кездешеби?**

– Менин ырларымдын баарысы албетте, менин тагдырым. Менин жашоом жана менин ой-кыялдарым. Башкалардын жашоосун жаза албайм.

**– Акындардын ыр жазып калышына көп учурда махабат себеп болот деп айтылат. Сиздин ыр жазып калууңузга эмне себеп болгон жана биринчи ырыңызды качан жаздыңыз эле?**

– Ыр жазып калууга махабат же дагы башка жашоодогу көрүнүштөр эмес, Жараткан сенин көкүрөгүңө салган от гана себеп болот. Ошол көөдөндөгү от алоолоп ичиңди, тулку-боюңду өрттөй баштаганда керемет ырлар жаралат. Бул талант болбосо, мыкты ыр жазылбайт дегендик. Менин алгачкы ырым айылыма арналганы эсимде. Бирок ал сакталып калбаптыр.

**– Акындык чөйрөгө аралашуу менен сиз бул жактан эмне таптыңыз, эмнелерди үйрөндүңүз?**

– Акын-жазуучулардын чөйрөсүндө албетте, бири-бирибизди жакшы түшүнүшөбүз. Алардан мен көп эле адамдык жакшы касиеттерди, боорукерликти, инсандыкты, ар түркүн кырдаалдарда өзүмдү кандай тутушум керектигин үйрөндүм десем жаңылбайм. Анан албетте, менин ырларымдын эң башкы баалоочулары, сынчылары да ошолор.

**– Өткөн өмүрүңүзгө өкүнбөйсүзбү же “муну жасап калсам болмок, тигини жасап калсам болмок” деп айткан учурларыңыз болобу?**

– Өткөн күндөргө кылчайбай коё албайсың. Артка карасам кыйратып бүтүргөн ишим жок, алды жакты карасам кайрат качкан карылыктын элеси дегендей, күч-кубатым барында элим үчүн мыкты чыгармаларды жаратып калайын деп шашамын. Бирок ошондо да “муну антпеппин, тигини жасасам болмок” деген өкүнүч менде жок. Себеби адам тагдырын ар дайым өзү чечет, өзү жасайт.

**– Берген маектериңизде ыр жазганга да убакыт жок деп айтып каласыз. Негизи эле күнүңүз эмнелер менен коштолот?**

– Ыр жазганга убакытты атайын издесең албетте, табылбайт. Андыктан атайын даярданып, бир күн отурам дагы буга чейин көңүлдө багып жүргөн, кол телефонума түшүрүп койгон саптарды карап чыгып, анан ак кагазга түшүрө баштаймын. Күнүм таң эрте туруп, жумушка даярдануу менен башталат. Түгөнбөгөн түйшүктөр дем алыш күндөрү да уланат. Бирок уулум менен кызыма, жолдошума да убакыт табыш керек. Айтор, элдин баарына жагышка аракет кылып эле тытынмай. Ошондо да баарына жага албайсың. Турмушта кээде оройлукка, тоң моюндукка, ташбоорлукка туш болосуң. Далай ирет сезимдерди дат басат…

**– Жашоодогу кыйынчылыкты кантип жеңип кетесиз?**

– Жогоруда айтканымдай, турмушта кыйынчылыкка кездешпеген адам болбойт. Мындайда ар ким ар кандай жол табат эмеспи. Кээде баарынан чарчап, баарына кол шилтегим келген учурлар менде да болот. Андайда Алыкул Осмонов, Тургунбай Эргешов, Анна Ахматова, Марина Цветаева сыяктуу акындардын ырларын окуп, өзүмө күч топтойм. Кайрадан канаттарымды жайып, асманга шукшурулуп учканга даяр болом. Ырлардан башка көңүлүмдү көтөргөн адамдарым албетте, апам, жолдошум жана уул-кызым. Алардын ден соолугу, жакшы маанайы. Кээ бирлери досторуна сырын айтып жеңилдешет тура. Менин да сырымды айтып, бугумду төкчү эки досум бар. Алар – кыялкеч акын кыз Венера Бөлөкбаева жана кара сөздү да катыра жазган Айсулуу Көкөевалар. Досторум менен батбаттан болбосо да, сагынышканда жолугуп, чер жазышып турабыз.

**– Кандай адамдарды татыктуу жашап жатат деп айта аласыз? Сиз үчүн татыктуу жашоо деген эмне?**

– Татыктуу жашоо деп, ар ким ар нерсени түшүнөт эмеспи. Айрыкча азыркы биздин жашоодо байлык, бийлик, өлүү дүнүйө биринчи орунга чыгып, түбөлүктүү болгон жан дүйнө, акыл байлыгы арткы планга сүрүлүп калганы – ачуу чындык. Бул эмнеден экенин териштирип отурсак кагаз бети чак келбес. Мен үчүн татыктуу жашоо – эч кимдин көңүлүн оорутпоо, бирөөгө зыянымды тийгизбөө. Колдон келсе, жакшылык гана жасоо. Бул тууралуу бир ырымды мисал келтирсем:

*Жашасам деймин, шат күнүмө сүйүнбөй,*
*Карөзгөйдүн калп кебине күйүнбөй.*
*Жанталашпай байлык, бийлик, мансап деп,*
*Жарык күндөн, бакыт күндөн түйүлбөй…*

**– Сиздин жашагыңызды келтирип турган адамдар кимдер?**

– Менин жашагымды келтирген адамдар – булар эң биринчи менин үй-бүлөм, жакындарым. Анан жашоодо жакшы адамдардын бардыгы үчүн кубанам, ыр жазам, адам бойдон жашаймын. Ырларымды, китептеримди сурап күнү-түнү, кайдан болсо издеп таап, телефон чалган, сураган окурмандарым бар. Ошолор мага дем берет, күч тартуулайт. Эргүү жаратат.

**– Азыркы учурдагы адабияттын абалына кандай баа бересиз?**

– Учурдагы адабиятыбыздын абалы мышык ыйлагыдай болуп турганы эч кимге жашыруун эмес. Советтер Союзунун тушунда кандай гана көркөм сөз чеберлери, искусство генийлери чыкпады дейсиң. Бирок мезгил бир орунда турбайт экен. Бул күндөр да өтүп кетет. Кыргыз адабиятынын, маданиятынын алтын доору дагы да болсо алдыда деген үмүт оту бүлбүлдөйт. Бир кездери “учугу үзүлдү” деген манасчыларыбыз кайра жанданып, эл ичинде бир топ мыкты манасчылар пайда болгон сыяктуу жазма адабиятыбызда да дагы далай залкарлар пайда болушат. Чыныгы талант ташты жарып чыккан гүлдөй болот эмеспи. Карап көрсөк, алар азыр деле бар. Сооронбай Жусуев, Сүйүнбай Эралиев, Анатай Өмүрканов, Сагын Акматбековалар не деген залкар акындар. Ошол залкарлардын көлөкөсүндө биз дагы аздыр-көптүр ырларды жазып келе жатабыз. Быйыл жайдын толукшуган аптаптуу күндөрүндө мени көп жылдар бою күттүргөн «Чаалыккан кыялдар» аттуу жаңы ыр китебим жарык көрдү. Ал китептеги ырларыма бааны окурман журту берсин.

## Меланхолия

Мен бир кушмун канаттары кайрылган,
Ишенимден, үмүттөрдөн айрылган.
Көздөн учуп, көксөгөн көк жээктер,
Чоочун, муздак өлкөлөрдү жай кылган.

Жылдыздарга умтулганым умтулган,
Жетпей бирок умсунганым умсунган.
Эмнелер бар мен көксөгөн жактарда,
Эмне кылсам бул жүрөктү булкунган?

Мен канчалык кылган менен далалат,
Алалбадым өз жашоомдон канагат.
Жаным туйлап, көөдөнүмдү ургулап,
Чыгып андан учкусу бар сабалап…






# Визадан да, акчадан да куру жалак калган жарандар

30дан ашуун адам АКШ мамлекетине виза алуу үчүн болгон мал-жандыктарын сатып, үйлөрүн күрөөгө коюп, банктардан насыя алып, же визадан жок, же акчаларын кайрый албай убара болуп жүргөнүн айтып чыгышты

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ



«Визит тур» фирмасынын директору Эмилия Максүтова

Ысык-Көл облусунун тургуну Мира Жанкабылова АКШга кетүү үчүн виза алам деп, "Визит тур" фирмасына 13 миң долларга алданганын төмөнкүчө баяндайт: "Сыналгыдагы жарнактан 100% кепилдик менен АКШга виза даярдайбыз" деп жазылган номурга чалсак, Ли Наташа аттуу айым жооп берди. "АКШ мамлекетине кандай жол менен кетире аласыздар" деп сурасак, кеңсесине келүүбүздү айтты. Ли Наташа өзүн юрист катары тааныштырды. "Визит тур" фирмасында расмий түрдө иштей тургандыгын айтты. "Бул фирмага жооптуу адам ким, виза алуубузга ким кепилдик берет" деген суроолорубузга "башчыбыз Эмилия жооптуу" дешти. Бирок ал кызды көргөн жокпуз. Фирманын юристи "100 пайыз кепилдик беребиз. Биз тиешелүү документтин баарын жасайбыз, ошондуктан 6500 миң доллар талап кылынат. Мурда келишим менен иштечүбүз, азыр чек менен гана иштеп калганбыз" деди. Биз бул адамдарга юрист десе эле ишенгенбиз. Бул чекте ким, канча сумма алганы жазылып турат. Эмилиянын туугандары таасирдүү кызматта иштегендиктен, эл кыйналып жатат. "Визит тур" фирмасына 32ге жакын адам алданган. Бизге бир адвокат келип, Наргиза Чыныбаеванын адвокаты болом деди. Ал бизге "Анча-мынча акчаны баарыңарга кичинеден бөлүп берем. Тарап кеткиле" деп айтууда. Мен 13 миң доллар берип коюп, кантип тарап кетем? Бизге 100 миң сом гана берип койгону жатат. Мен балам менен АКШга кетейин деген элем. АКШга барып иштеп, бутка туруп, Бишкектен жер алып, үй салалы дегенбиз. Биз визаны жасатуу үчүн үйдү күрөөгө коюп, насыя алып, мал жандыктарыбызды сатканбыз", – дейт жабырлануучу.




«Визит тур» фирмасынан жабырлангандар

Жабырлануучу Улан Койкелovдун айтымында: "Документтерди сапаттуу, мыкты даярдап беребиз. АКШ элчилигинен 100% виза ала аласыңар". "Визит тур" фирмасы АКШ визасын, документтерди сапаттуу жана баш тартпагандай кылып жасап берет дегенге ишенгенбиз. АКШ элчилигине мурда виза алуу үчүн киргенде мага бербей коюшкан. 19-майда "Визит тур" фирмасында иштеген Венера Мусабекова кармалды. Ал эми калган 3 кыз 4-июнда кармалды. Бул фирманын директору Эмилия Максүтованын атасы жана анын туугандары таасирдүү кызматта иштейт. Агасы Алтынбек Калдарович Өкмөттүн Аппаратынын жетекчисинин орун басары болуп иштейт экен. Учурда атасы менен агасы Эмилияны бошотобуз дап жатат. Эмилияга арыз жазган жабырлануучулар учурда арыздарынан баш тартууда. Анткени аларга атасы акча, автоунаа берүүдө. Эмилиянын атасы "Эмилия кимден тил кат алган болсо, ошол адамдарга гана акчаны кайтарабыз" деди. Ал эми тил катты беш эле адам жазган. Директордун атасы кызынын кол алдында иштеген кыздардын ата-энелерине чалып, кыздарды көргөзмөсүн өзгөртсүн деп айтыптыр. Кол алдында иштеген кыздар кардарлардын акчаларын Эмилия алды деп көрсөтмө берип жатышат. Ал эми Эмилиянын атасы иштеген кыздардын ата-энелерине "Мен кызымды чыгарып алайын, андан кийин силердин кыздарыңарды чыгарып берем" деп алдап атыптыр. Эмилияны чыгарып алса, анда берки кыздар соттолуп кетет да. "Визит тур" фирмасынын директору Наргиза Чыныбаева Эмилиянын классташы. Наргиза Эмилияны тааныгандыктан, фирмага директор болуу сунушчына макул болуп, натыйжада ал да алданып отурат. Эмилиянын атасы биз менен сүйлөшкөн. Бизге "Мен 5 кишинин гана акчасын төлөп берип, кызымды чыгарып алам, калганыңар эмне кылсаңар, ошо кылгыла" деп айткан дейт жабырлануучу.

АКШга барып, окуп, иштейин деп аракет кылган дагы бир жабырлануучу Медер Алымбеков "Визит тур" фирмасына кантип алданганын айтып берди: "Мен, эжем жана досум үчөөбүз АКШга кетели дегенбиз. "Визит тур" фирмасы "Биз визаны 100 пайыз кепилдик менен алып беребиз" дегенинен ишенгенбиз. Акчаны 2014-жылдын декабрында бергенбиз. "Мына кетесиң, ана кетесиң" деп ушул убакка келди. Аталган фирмага барсак, "3 айдын ичинде виза жасап беребиз" деп айтышты. Биз бир жуманын ичинде толук сумманын баарын бердик. Мен булардын кеңсесине барсам, бир баланы көрсөтүшүп, АКШга кетип жатканын айтышты. Биз ал бала менен чогуу АКШ элчилигине бардык, ал элчиликте жарым саттай болуп, сыртка чыккандан кийин бизге бир жумадан кийин АКШга кетерин айтты. Көрсө бул атайын жалданган адамдар экен. Фирманын кызматкерлери бул окуяны атайын уюштурушуп, аларды далил катары көрсөтүп, визага акча бергендерди алдашат экен. Биз Америкага барып, иштеп, окуйлу деп аракет кылганбыз, бирок болбой калды. Азыр акчабызды да кайтарып ала албай жүрөбүз".



**Бишкек шаардык ИИБнин маалымат катчысы Олжобай Казабаев** бул маселе боюнча төмөнкүлөрдү билдирди: "АКШга кетебиз деген жарандар сөзсүз түрдө Америка элчилигине кайрылып, тийиштүү документтер чогулгандан 1-1,5 айдан кийин мыйзам түрүндө виза алса болот. Бул жарандар теледеги жүгүртмө жарнактардан "АКШга 100% пайыз даярдалуучу виза" дегенди окуп алып келишкен. "Визит тур" фирмасы март, апрель айларында виза ачып беребиз деп, ар бир адамдан 6500 доллардан чогултуп алышкан. Ал фирмада 4 кыз иштеген, бирөөсү директор, ал эми экинчиси юрист болгон. Азыр 6500 доллардан бергенин айткан жарандардын саны 30 дан ашып атат. Алданган адамдардын көрсөтмөсү боюнча акчаларды ар ким чогулткан. Мисалы, бирөөнүкүн юрист алса, бирөөнүкүн башка кызматкер алган, акчаны чогултуу бир тараптуу болгон эмес. Жарандардан алынган акчалардын баарына квитанция жазып беримиш болуп, жөнөтө беришкен. Виза көпкө ачылбай, убакыт созулуп кеткенинен улам жарандар күмөн санап, милиция кызматкерлерине кайрылышкан. Бүгүнкү күндө "Визит турда" иштеген кызматкерлердин баары сот чечими менен эки айга тергөө абагына камакка алынган. Алардын арасында акча алгандыгын мойнуна алгандар да бар. Аталган кеңсени тинтүү учурунда 40 паспорт алынып келинди. Бул паспорттор кайра өз ээлерине тапшырылып берилген. Кимиси канчалык күнөөлүү тактап, тастыктап, бул ишти сотко жибергенге аракет кылуудабыз. Кандай чечим чыгарат, ал соттун иши. АКШга баруу үчүн сөзсүз түрдө Америка элчилигине кайрылыш керек. Элчилик кандай документтерди чогултуу керектигин айтып берет".

30дан ашуун адамдарды алдады делген кыздын атасы Турду Максүтов "Азаттык" радиосуна берген маалыматында "Визит тур" фирмасы кызын алдап иштеткенин мындайча айтат: "Менин кызым да алданып калыптыр. Жабырлануучу тарап акча өндүрөбүз деп, менин атыма да арыз жазышты. Менин беш балам бар, айлык менен жашасам, кайдагы акча? Бирок аларга короткон чыгымын кайтарып берүү үчүн аракет кылып жатабыз".



Сүрөт ▸ Азаттык

**АКШнын Кыргызстандагы консулу Эрика Хоскинг** Кошмо Штаттарга визаны элчилик өзү гана берээрин жана ортомчу компаниялар же жарандар менен иштешпей турганын билдирген: "Көпчүлүк жарандар чакыруу катын агенттиктерден алып, анан акча төлөсөм эле виза алам деп ойлошот. Биздин талаптар жеңил эле. Виза алууну каалаган жарандар келип, анкетага так жана чын маалыматтарды толтуруп, андан соң арыз жазышат. Консул менен болгон маекте да жаран сөзсүз өзү тууралуу туура жана чын маалыматтарды айтышы керек. Чечим бир гана жарандын арызына жана АКШнын мыйзамдарына карап кабыл алынат. Биз эч кандай жеке агенттиктер менен иштешпейбиз".

*2014-жылы АКШ элчилигинен үч миңден ашуун Кыргызстандын жараны виза алган. Виза алуудагы кыйынчылыктардан улам жарандар түрдүү менчик компанияларга кайрылып, атүгүл алардын жардамы менен кеткендер тууралуу пикирлер коомчулукта айтылып келет. Бул айтылган кептер чындыкка дал келбегени эми так билинип отурат. АКШга кетүүгө виза алуу үчүн документтерге 160 доллар кетет. 160 долларды төлөгөн жаран 100% АКШга кетем деп ойлобошу керек. Эч ким кетээрине кепилдикти бере албайт.*

# Кытай ядролук куралы менен АКШга согуш ача алабы?

АКШ менен Орусиянын кармашынын фонунда бир топ өлкөлөр бул экөөнүн ортосундагы багытты аныктоо үстүндө. Биздин өлкө сыяктуу эле Кытай дагы өзүнүн саясатын белгилөөгө аракет кылат. Бирок Кытай акыркы 20 жылдагы экономикалык керемети менен кошо аскердик багытта дагы бир топ өнүгүүнүн үстүндө болуп келет



ЭСЕНГЕЛДИ ЖУМАКУНОВ

ШКУнун алкагында кызматташып келе жаткан бул өлкөнүн дүйнөлүк стратегиялык балансты салмагын билип коюу бизге керек. Бул багытта Кытай тууралуу стратегиялык изилдөөчүлөр кандай пикирде экендигин билүү максатында АКШнын Аба күчтөрүнүн стратегиялык изилдөөлөр журналы Strategic Studies Quarterly журналына 2015-жылдын жайкы санына жарыяланган Пенсилвания университетинин Политология бөлүмүнүн профессору Стефен Симбаланын аталган темага арналган макаласына үңүлгөн элек.

Симбала Кытайдын акыркы жылдары аскердик курал жарактарда, алардын ичинде суу астынадагы кемелерди ядролук курал менен жабдууда бир топ алдыга жылганын жана Кытайга жакын суу жээктеринен АКШга атып жеткирүүгө жарап калганын жазат. Ошону менен катар эле бул кемелер АКШнын Азиядагы Кытайга каршы өнөктөштөрүн колдоосун азайтып койгонго да жарайт. Кытайдын аскердик модернизациясы Азияда күч бөлүштүрүүнү өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Салттуу согуш ыкмасындагы стратегиялык жүрүштөр менен кошо кубаттуу курал жарактар керек экендигин кытайлыктар жакшы түшүнүшөт. Кытайдын чоң стратегиясы – алдыдагы 30 жылда аскердик куралын жаңыртууну аягына чыгарып, чыныгы күчкө айлануу.

Ядролук курал жагынан АКШ менен Орусия Кытайга бир топ үстөмдүк кылат. Мындай куралы сан жагынан аз болсо да Кытай аны сапаттуу колдонуу менен тең салмакка жетүүнү көздөйт. Ал үчүн күчтүү маалымат керек. Мындай стратегияга душмандын талуу жерин билүү, бекер жерге куралды коротпоо аркылуу натыйжага тез жетүү кирет. Бул Кытайдын салттуу айлакердик согуш ыкмасына үндөшүп турат. Мында модернизациялоого курал-жарак менен кошо коммуникация, компьютер, тыңчылык, маалымат технологиясы ж.б. кирет.

Кытай ядролук күч менен Азияда согуш чыгып кетүүсүнүн алдын алганга аракет кылган менен АКШ Кытайга каршы «Аба-суу согушу» доктринасын иштеп чыгууда. Азия аймагында ядролук куралга ээ 5 өлкө бар: Орусия, Кытай, Индия, Пакистан жана Түндүк Корея. Ядролук курал согуштун болбошун камсыздаганы менен керек болуп калса колдонулуп кетиши мүмкүн болгон коркунучтуу курал экенин эске салат Симбала.

Тынч океанда жана Азияда Американын кызыкчылыгы торолгон учурда Кытай менен олуттуу кармаш чыгып кетүү коркунучу бар. Маалымат технологиясына жараша өзгөрүүлөр болгондуктан ядролук согуштан мурун кибер согуштун болушу күтүлөт. Анда душмандын маалымат коммуникациялык, интернет технологиясына чырмалышкан базасын талкалоо аракети болот. АКШ, Орусия жана Кытай сыяктуу дөө шаалардын коргонуу мүмкүнчүлүгүнүн жогору болгондугуна байланыштуу мындай ыкма менен өзөктүк куралын токтотуу мүмкүн эмес.

Жыйынтыгында жогорудагы маалыматтардын негизинде Симбала Кытай АКШ жана Орусияга зыян тийгизе ала турган ядролук куралга ээ болгон күндө да бул эки өлкөгө ачыктан-ачык ядролук согуш ача албай турганын белгилейт.

# Кытайдын интернет дүкөндөрү Орусияда логистикалык хаб түзүшөт

Кытайдын коммерциялык эл аралык биримдиги менен Орусиянын Борбордук Уралды өнүктүрүү корпорациясы түзүлүп жаткан орус-кытай бизнес паркынын аймагына кытайлык компанияларды тартуу келишимине кол коюшту. Бул жөнүндө билдирген Lenta.ruнун кабарчысы, келишимге Екатеринбургда өткөн "Иннопром-2015" өндүрүштүк көргөзмөдө кол коюлганын билдирген.




Бул эң биринчи кезекте жогорку технологиялык өндүрүмдөрдү соодалаган жана Свердловск облусундагы бирдиктүү ишканаларды түзгөндөргө тиешелүү. Борбордук Урал өнүгүү корпорациясынын гендиректору Дмитрийй Попов учурда кытайлык интернет дүкөндөр менен баштапкы келишимдер түзүлгөнүн айткан. Булар кытайлык ири интернет-ретейлерлер AliExpress, Taobao, JD.com жана башкалар.

Дмитрий: "Биз мындан сырткары Харбин шаарынын элдик өкмөтү менен Уралда чек ара аралык электрондук соода борборун түзүү келишимине кол коёбуз. Бул орусиялыктарга Alibaba, JD.com сымал кытайлык электрондук аянттарда товар сатып алуу мүмкүндүгүн берген логистикалык борбор". – дейт. Анын айтымында тараптар кытайлык компаниялардын Орусияда онлайн сатылчу өндүрүмдөрүн сактоочу кампанын ордун белгилешет. Мындан сырткары каралган бажы жеңилдиктери кытай өндүрүмдөрүнүн кардарлардын колуна арзан жана тез тийүүсүнө шарт түзөт.

Орусия-Кытай бизнес-паркы Екатеринбургдун Кольцово учак портунун жанында 400 миң чарчы метрлик соода-кампа катары түзүлмөкчү. Бул комплекске өндүрүш, топтоо, кызмат көргөзүү жана соода инфраструктурасы менен бирге бажы иштерин бүтүрүп, товарларды Орусиянын аймагында жеткирүү бирдиктүү башкаруу компаниясы кирмекчи.

Учурда 250 миң чарчы метрлик соода-кампа имараттары бүтүрүлгөн. Орусия тарап менен келишим түзгөн компаниялардын жылдык айланткан акчасы 500 млн. доллардан жогору.



# Кайсыл улут саркеч турист болгусу келет

Momondo туристтик кызматы жарыялаган пресс-релизде орусиялыктардын 27 пайызы француздардын эң саркеч экенин айтышкан. Андан кийин өздөрүн (23%), үчүнчү орунду болсо 22 пайыз менен италиялыктарга ыйгарышкан. 2014-жылы орусиялыктардын 43 пайызы эс алуу учурунда саркеч кийинүү керек десе, быйыл 36 пайызы гана бул пикирди колдошкон.

Европалыктар да өргүү учурунда орусиялыктар кийим кечесине анча көңүл бурбай калганын байкашкан. Былтыр финдердин 16%, немистердин 13%, италиялыктардын 10% орусиялыктарды саркеч десе, быйыл бул көрсөткүч 2 жана 8 пайыздын арасында калган.

Эс алууда модага катуу көңүл буруш керек деген элдердин арасында Кытай 54, Түркия болсо 42 пайыз менен алдыга чыккан. Италиялык жана англичандар болсо 32 жана 33 пайыз менен бул эки өлкөдөн аркада калган. Куник кийингендердин башында финдер келет, андан соң норвег, кытай жана португалиялыктар.

Сурамжылоо 18ден 65 жашка чейинки 15 өлкөнүн 15000 жаранынын арасында жүргүзүлгөн.

# Көрө албастыктан кутулсак дүйнөлүк спортко кошула алабыз

*Баракелде балбаным, багалектен алганың.*
*Көкөлөтүп асманга, көтөрүп чаап салганың.*
*Намысты алдың колуңа, ичимде жок дарманым.*

Кыргыз күрөш дегенде "Манас" эпосундагы кадимки каардуу балбандар, акылы менен күчү бирдей Кошой бабабыз менен калмактын чачы түйүлгөн, оозунан жалын чыкчудай көрүнгөн Жолой экөөнүн жети күнү беттешип, коңурук тартып уктаганга да жетишип, акыры тоодой Жолойду торойткон, токсон жаштагы алп Кошойду элестетебиз. Ошондон бери аталардан мурас болгон күрөшүбүздүн бүгүнкү ал-абалы кандай? Жетишкендиктер менен көйгөйлөрдү угуу үчүн Кыргыз жана Казак күрөшү боюнча башкы машыктыруучу, спорттун чебери Токтоназаров Жеңишбекти сөзгө тарттык.





**– Агай, сөз учугун кыргыз күрөшүнүн эл оозуна алынып, кайра жандана башташышынан баштасак.**

– Жандана башташына айтылуу балбан Кошой бабабыз жердеген Ат-Башынын кулуну, Кыргыз күрөш боюнча башкы машыктыруучу, спорттун чебери Атабеков Майрамбектин эмгеги зор. Колдорунан келген аракетин кылышып, болушунча салым кошкон агаларыбыз да болгон, азыр да бар, алардын эмгегин айта кетүү адамгерчилик. Азыр эми демөөрчүлөр, кызыгып машыккан жаштар эле эмес, улуу муундагылар да аз эмес.

Биздин клубда кыргыз күрөшү менен 2010-жылдан баштап машыктырабыз. Азыр 30 бала машыгат, андан башка клубдардан келип, машыгып турушат. Күндөн-күнгө бул спортту сүйүүчүлөр көбөйүүдө.

Спорт комитетинин демилгеси менен "Замандаш" ассоциациясы эл аралык "Кошойдун алтын куру" турнирин өткөрүштү, байгесине 6 алтын кур, алтын медаль беришти. Бул жакшы саамалык биринчи жолу өттү.

Жазында Эмгек, миграция жана жаштар министрлигинде иштеген Улан Эралиевдин колдоосу менен биринчи жолу колледждер жана лицейлер арасын мелдеш болуп өттү. Чындыгында жогорку көрсөткүчтөр байкалды, жаштардын кызыгуусу жүрөк жылытаарлык. Ал жигит мурда өзү да күрөшүп, эр таймашка чыгып жүргөн.

Жайында Ысык-Көлдүн жээгинде жээк күрөшү, бел кур күрөшү боюнча Азия чемпионаты өткөрүлөт. Башка мамлекеттерден да катышуучуларды чакырабыз. Монголиядан, Россиядан, Казакстандан келишип, чемпионатка катышышат.

**– Адам ар бир иште жетишкендиктерди айтса сыймыктанат эмеспи, машыктыруучу катары айтсаңыз, жалпы эле кандай ийгиликтерди багындырып жатасыздар?**

– Былтыр Көчмөндөр оюнуна биздин клубдан 4 балабыз катышып, 2 спортчубуз коло, 2 балбаныбыз алтын медаль байгени багындырышты. Окуучубуз Мирлан Эралиев Кыргыз күрөшү боюнча спорттун чебери, Казак күрөшү боюнча дүйнөнүн чемпиону, самбо күрөшү, алыш күрөшү боюнча да спорттун чебери, Көчмөндөр оюунунда 66 кг салмакта алтын медалды багындырды. Кожобеков Нурбек деген окуучубуз азыр Беш-Сары спорт клубунда машыгууда, 2013-жылы Казань универсиадасында алтын медаль алды. Көчмөндөр оюнунда да алтын медалдын ээси болгон, 2013-жылы Башкыртстандын Уфа шаарында өткөн бел кур күрөшү боюнча дүйнөнүн чемпиондугун уткан. Улуу Жеңиштин 70 жылдыгына карата 9-майда өлкөбүздө Кыргыз күрөш болуп өттү. Ага коңшуларыбыз: Орусия, Казакстан, Тажикстан, Моңгол мамлекеттеринин жоон билектери күч сынашышты. Сыйлыктар жакшы коюлду, меймандарыбыз ыраазы болуп кайтышты. Кызматташып турууга келишимдери түзүлдү.

Ордолуу Ош шаарында май айында окуучулар арасында өткөн кыргыз күрөш чемпионатында биздин "Бүркүт" клубунан Курманбеков Бегалы 57 салмактан, Асанбеков Нурак 62 салмактан алтын медалды багындырып келишти.

**– Медалдын эки жагы бар демекчи, өнүгүү менен катар эле өксүү маселелери да болсо керек?**

– Биринчи көйгөй, Кыргыз күрөшкө ылайыктуу өзүбүздүн зал жок, ар кайсы залды ижарага алып келебиз. Кайсы клуб бош болсо, акчага туура келсе, ошону алабыз. Азыркы убакта балдарды "Бүркүт" спорт клубунда машыктырып жатабыз. Каражатыбыздын баарын төлөп берип жаткан адам – Кыргыз күрөш федерациясынын президенти Эмиль Өмүракунов. Бул маселе Кудай буюрса, жакында чечилет деп үмүттөнүп турабыз. Кыргыз күрөш федерациясынын президенти Газпром компаниясы менен келишим түзүп, макулдашуулардын негизинде Арча-Бешик конушундагы атайын бөлүнгөн жер тилкесине чоң, кыргыз күрөшкө ылайыктуу спорт клуб курулганы турат.

**– Алыш күрөшү деп калдыңыз, кыргыз күрөшү, алыш күрөшү жана Лейлек күрөшүнүн бири-биринен айырмалары кандай?**

– Алыш күрөшүнүн эрежесинде да белге кур байланат, бирок эки карышчалык бош болушу керек. Мында эки колду курдун ичине киргизип, курду коё бербей күрөшүү керек жана бутту торой чалып артка ыргытууга болбойт. Ал эми Кыргыз күрөшүнүн эрежесинде эркин күрөшөсүң, бут илесиң, торойсуң, алдыга, артка, бийикке көтөрүп чабасың, болгону бир колуң курдун ичинен чыкпашы керек, экинчи колуңду каалагандай пайдаланасың, курдун сыртына чыгарып, ичине кийрип, ар тарапка ыргытсаң болот. Упай берүү бирдей, бирок Алыш күрөшүндө бирөөсүнүн колу чыгып кетсе, атаандашынын колу чыкпагандыгы үчүн экинчисине упай берилет. Ал эми Лейлек күрөшүндө болсо, бут кыймылы менен такыр иштөөгө болбойт, эки кол курга оролот, атаандашыңды жерден үзүп, бийик көтөрүп урушуң керек, колдун, белдин күчү керек.

**– Агай Кыргыз күрөшкө машыгууну канча жаштан баштоо керек жана тамактанууда витаминдер колдонулабы?**

– Кыргыз күрөшкө негизи 16 жаштан өйдө катышуу керек, себеби белге кур байлангандыктан бөйрөккө зыян алып келүү коркунучу бар, кабырганын катышына жараша, ошол себептүү 16, 17 жаштан баштап машыга берсе болот. Бул жаштан ылдыйкылар да келип, азаздан машыгышат, бирок алардын белине кур байлатпайбыз. Алар аракет кылып түртүүнү, кандай туруш керек экендигин, чабуулга өтүүнү үйрөнүшөт. Тамактануу тартиби кадимки эле айран, сүт, жарма, беш бармак айтор, адал болсо, баарын ылгабай жей берүү ырас болот. Витаминди колдонушпайт, андан көрө жаратылыштын салкын абасында машыгуу аларды чыңалтат.

**– Эркин күрөштөн ооп, бел кур күрөшүнө өткөндөр жемиш бере алабы?**

– Оогондор болуп жатат. Жаштар демөөрчү жагынан кыйналышат, ошону үчүн күрөштүн эки түрүндө тең аралаш күрөшө беришет. Эркин күрөштө дүйнөгө чыгайын дегендер күрөштүн башка түрүнө эч качан өтүшпөйт, себеби бул олимпиада спорту болуп санаалат. Бүгүнкү күндө тойлордо, майрамдарда кыргыз күрөштүн байгелерине унаалар, чоң суммадагы акча жана башка көптөгөн баалуу байгелер коюлуп жатат. Жаштарды күрөштүн бул түрүнө тартылып жаткандыгынын себеби да ушул. Адам башында кайсы күрөш менен түптөлгөн болсо, ошону менен кетсе бийиктикке чыга алат. Жаштар дарак бир жерден көгөрөөрүн унутушпасса демекчимин.

**– Кыргыз жана казактын улуттук күрөштөрүнүн эрежелеринин айырмасы кандай?**

– Казак күрөшү дзюдого окшош, жеңи жок чапан кийип, сыртынан кур байланат жана шым ордуна чолок шым кийилет. Кийимден кармап күрөшөсүң, буттан торой тартуу, чалуу да бар, негизги айырма кийимде. Казак күрөшүнүн Азия чемпионатына, дүйнөлүк чемпинатына да биздин эле Кыргыз күрөштүн балбандары барат. Шамшидин уулу Кемелбек жаштар арасындагы Евразия чемпионатында алтын медалды багындырды. Өткөн жылы Алматыда жаштар арасында Евразия чемпионатты өтүп, Казак күрөш, дзюдо, эркин күрөш оюндары болду. Кыргыз күрөш кирбей калды. Анда Чолпонкулов Замир Казак күрөшүнөн алтын байгелүү болгон.

**– Евразия жана дүйнөлүк спорттун тизмесине кыргыз күрөш оюнунун кирбей жатышынын себеби эмнеде?**

– Дүйнөлүк спортко кошула элек, бирок 1976-жылга чейин Карачайда кыргыз күрөшү менен күрөшүп келишкен. Ал кездеги федерациянын президенти Мураталиев Марсел агайдын Карачай менен байланышы бар болчу. Негизги себеп, биздеги ынтымак маселеси, бири-бирибизге тор жаймай, көрө албастык. Ушул илдеттен кутулсак, дүйнөлүк спортко кошулуу мүмкүнчүлүгү болот эле, экинчиси, каражат тартыш.

**– Кыргыз күрөштөн келечеги болгон жаштарга насаатыңыз**

– Жаштарга айтаарым спорт менен машыккыла, ичимдик, баңгилик, жалкоолук, чылым чегүү, билимсиздик деген адамга туура келбеген сапаттардан алыс болосуңар. Элжерибиздин тынчтыгы, өсүп-өнүгүүсү, аны дүйнөгө таанытуу, өз ден соолугуңардын саламаттыгы спорт менен экенин унутпагыла.

Маектешкен ЭРЛАН ЖЫРГАЛБЕК УУЛУ

# «Современныйчылык»



«Заманың бөрү болсо, бөрү бол» деген кептин чындыгы да бар. Өмүр чиркин учурдан артта калбай, ошол агым менен бир багытты көздөй кааласа да, каалабаса да агып барат. «Современный» жашоодон өз үлүшүн, өз энчисин алган биздин коом да бул учурду өзгөчө баалап, жашап жаткан кези

ЭЛИЗА ИРАНОВА

Кээ бир улуу адамдар кийинки муунду ыймансыз дешсе, жаштар өздөрүн «современный» сезишет. Бирок жаштардын аша чаап, өтө эле «современный» болуп бара жатканы да зээнди кейитет. Албетте, жаңы нерселерден артта калбай, учурдун талабына ылайык жашоо зарыл деңизчи, бирок адам баласына берилген баалуулуктарды кошо өз жолунда туура колдоно билүү да керек эмеспи. Биздин менталитетке, көз карашка, бизге ылайыктуусун гана ала билүүгө неге болбосун!


Карылар «шайтандын кийими» деп койчу ачык-чачык кийимдерди алалы. Элет кыздарынын мындай кийингенине да бир топ болуп, айылдыктар да бул көрүнүшкө көнө түшкөндөй. Айыл жери ырысы бар карылардын уюткулуу жери эмеспи. Алар жогорудагыдай көрүнүштөргө маани бербей көз жумганы менен кээ-кээде сөз кылбай коё албайт. «Ии ботом, тиги жылаңачтанып алган кимдин кызы? Аны да шаардын эпкини урган тура. Энеси кой дебейби десең. Уят деген нерсени азыркы жаштар билбейт» дешип, кемпирлер наалып, наразы болушса, аксакалдар көзүм көрбөсүн деп баш чайкап, терс бурулушат.

Батыштын бизге терс көрүнгөн жашоосу жугуштуу оорудай каптап, жадагалса айыл жергесине да көз жаздымда калтырбай жеткени зээнди кейитип, жүрөк оорутат. Ошондой болсо да акылман карылар буга да кайыл болуп, жок дегенде айылда айылдай эле кийинип басып жүрүшсө деп жаштардын «заманына» түшүнүү менен карап мамиле жасашат. А жаштарчы, карыны сыйлап, айтканын эки кылбай, макул деп көңүлүн жооткотуп, урматтап жатышабы?

«Көзүм көрбөсө көңүлүм тынч» дегендей, карыларыбыздын элеттен чыкпай шаар жашоосун көрбөгөндөрү да бир тараптан жакшы. Таенемин «биздин заман башка болчу, абийирдүү, ийменген, намыстуу, иштемчил жаштардан турган таза коом эле» деген сөзүнө суктана берем. А азырчы, шаардагы көңүл ачуу борборлорунун көбөйүп, биринен экинчиси калбай, атаандаша теледен жарыша жарым жылаңач кийинген кыздардын денесин жарнамалап жатышат. Клиптер деле, кинолор деле ушуга окшогон терс көрүнүштөргө бай, ансыз кызыгы кетип калчудай. Үйдө булар, көчөдө жарнак такталарда, киоскаларда денесин көрсөткөн түркүн-түрдүү кыздардын сүрөттөрү жана ошол эле кыргыздын кыздары. Бирок батыштын эпкини урган кыргыз кыздары көңүлдү айнытат.

Актын карасы, катуунун жумшагы болот дегендей, кээ бир маалымат каражаттардын да жаман жакка ооп, нугун буруп бара жатканы да жакшы көрүнүш эмес. Көпчүлүк китептер, гезиттер жан дүйнөгө азык берчү, мааниси терең чыгармалар, макалалардан куру жалак калганын эч ким тана албастыр. Баары көңүл ачуучу жеңил темалардын туткуну болуп калган. Эмнеге десең, эл ошону талап кылып жатат дешет. Неси болсо да өздүгүбүздү жоготпой ыймандуу, ыйсаптуулукту жоготпой, кыргыздын атын өчүрбөй, кыргыз эле бойдон калсак экен…

# Замзам суунун сырлары



Заманбап лабораторияларда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгында Меккедеги замзам суусунун курамы каралып, андагы катылган сырлардын жарымы табылса, калганы белгисиз бойдон калууда. Анда ал суунун өзгөчөлүктөрү менен таанышып алыңыз.

**1.** Башка сууларга караганда күкүрттүн өлчөмү аз болот.

**2.** Ичкен кишини ток кармайт.

**3.** Минералдарга бай келет.

**4.** Түбү кайсы жерден чыгып жаткандыгы дале белгисиз. Замзам суусуна жакын жерде бир да булак жок, ал деңизден 80 чакырым узакта жайгашкан. Мындай шарттарда суунун деңизден же башка бир булактан алынуусу акылга сыйгыс нерсе. Канча жыл болсо да, бул суунун түгөнбөгөнү таң калтырып келет.

**5.** Ач адам ичсе, карды тоюп, чаңкагандар ичсе, суусунун кандырат.

**6.** Болгону 1,5 м терендиктеги кичинекей кудуктан чыккан суу, ажылыкка барган миллиондогон адамды суу менен камсыз кылат жана азайганы, соолуганы да билинбейт.

**7.** Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму жүргүзгөн изилдөөлөрүндө замзам суунун дүйнөдөгү эң таза, ден соолукка тийгизген таасири өтө чоң деп табышкан.

**8.** АКШда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгында, замзам суусу дүйнөдө микроорганизм жана бактериясы болбогон жалгыз суу.

## Пайдалуу кеңештер

- Бут чарчаганда: кайнап жаткан 2 литр сууга 5 апельсиндин кабыгын салыңыз. Андан соң оттон алып, 20 мүнөт муздатыңыз. Даяр болгондон кийин ысык суу куюлган ваннага кошуп жуусаңыз болот.
- Таманыңыз жаш баланын таманындай жумшак болсун десеңиз, 1 жума бою бутуңузга вазелин сүртүп, байпак кийип жатыңыз.
- Терини жылмакай жана жандуу көрүнүшү үчүн бирдей өлчөмдөгү авокада, буудай, зайтун майын жана 2 аш кашык балды аралаштырып териге сүртөт. Бир аз убакыттан соң жылуу суу менен чайкап коёт.
- Жатканда бийик болбогон жаздык колдонуу же мүмкүн болсо, эч колдонбой коюу пайдалуу. Жүзүңүздөгү бырыштарды алдын алуу үчүн чалкаңыз менен жатсаңыз жакшы таасир берет.
- Кызарып кеткен убактарда терең дем алып, демиңизди акырындап чыгарыңыз. Бетиңиздин кызарганы заматта кетет.
- Бетиңиз кургак болсо, ромашканы сууга кайнатып, анын буусуна бетиңизди тосуңуз. Ромашка ооруну басаңдатуучу жана микробдорду өлтүрүүчү касиетке ээ.
- Сууктан териңиз жарылса, бал колдонсоңуз болот. 1 чай кашык балга жарым кашык суу аралаштырасыз. Муну кечинде жатаарда колуңузга сүртүп, кол кап кийип жатсаңыз, теринин азыктануусуна жакшы жардам берет.
- Бетиңизди дайыма бадыраңдын суусу менен чайкап жүрсөңүз, кызаруудан, сепкилден жана ар кандай тактардан кыска мөөнөттө арыласыз.
- Кебезди бадыраң суусуна сиңирип, аны териге сүртүңүз. Андан соң кургаганга чейин күтө туруңуз. Акырында жылуу суу менен чайкап койсоңуз болот.

## Асыл ой берметтери

Аба, жарык жана достун сүйүүсү гана калган болсо, эч качан кайгырба… Жашоо – өчүргүч колдонбой сүрөт тартуу искусствосу.

Адамдын эң жакын досу кыйынчылыктары, себеби алар аны күчтөндүрөт.

Жасаган нерсенин «аттиңи» убакыт менен унутулат, бирок жасай албагандын «аттиңи» эч качан эстен кетпейт.



Эч качан жаңылышпаган адам жашоонун эң чоң катасын жасаган адам.

Тал шамалды кечирсе да, бир жолу сынган…


Дайым гүл берген колдо, гүлдүн жыты калат.

Ар бир сөзүң чын болсун, бирок ар бир чындыкты сүйлөөгө акың жок.

# Айкөл сүйүүсү – 8

## Руслан менен Чайнагүлдүн Индике менен Пакисбай эгизди жараштырганы

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



Айкөл короосунда көңүлсүз отурат. Уйкусу канбай калганбы, көздөрү да кызарып калган. Айтмакчы, ал кечээ конокко барып келбедиби. Бу Руслана, Чайнагүл, Казакбек, Сарткул, Тежикбайлар болуп, өзүнчө компания болуп алышкан. Дайыма чогулуп, шерине жеп турушат. Кээде алагүү болуп алышканда ойдо жыргашат. Ар кандай улуу идеялардан, түбөлүктүү ынтымактан кеп козгошот деле. Айрыкча Руслана менен Чайнагүл андайда баарына чоң-чоң убадаларды беришет. Ошону менен баары ошол кыялдарга арбалып, көңүлдүү маарамдашат. Бир гана ушул Сарткул тууганы кээде кыртышы сүйбөй, мурчуюп калмай адаты бар. Же тиги Океана ага өзгөчө жагып жүрөбү? Же анын айткандарына катуу ишенип алабы, айтор, кээде керек болсо, бу Русланана да тоготпой койгондой түр көргөзөт. Бирок жарыктыктын анысы деле көпкө узабайт. Бир маалда эле карасаң эмне деп эркелээрин билбей аткан баладай болуп чойоктоп, кайра Руслананын этегин кучактап калат. Анын сырын жакшы билип калды окшойт, тиги Руслана да эч нерсе билмексен, байкамаксан болуп койот. Чынында аныкы да туура. Башында ал шеринеге келбей калганда баары жаман болуп, таарынып калдыбы деп, көңүлүн алганга аракет кылышчу. А Сарткул болсо, ого бетер мурдун көтөрүп, жыргап калат тура. Ошондон бери жайына коюшту. "Көп болсо бир устуканга таарынгандыр. Же «алың, алың» дебей койгондурбуз да. Элдин эртеңки кызыкчылыгы үчүн таарынды дейсиңерби" дешти да карабай коюшту.

Анткен менен кечээки отурушка ал да келди. Андан сырткары да коноктор болду. Мисалы, Индике менен Пакисбай экөө «мындан нары шеринеңерге биз да кошулалы. Биздин да үйгө келип, даам сызып тургула. Биз да силерге келип туралы. Үйбүлөбүз менен катышалы» деп келип калышыптыр. Алардын бул сунушу тиги Руслана менен Чайнагүлгө тим эле жага бербей калды. Шумдугуң кур, айрыкча Руслана ойкуштап ийди го, чиркин. А тиги жүлжүк айым болсо, дайыма эле ойкуштап турат. Анын кимге сүйүнүп, кимге күйүнүп атканын деги байкоого мүмкүн эмес. Жеткен митаам неме да, чиркин. Бекеринен булар илгертен бул митаам менен катышпай, урушуп келишкен эмес да. Ар кимге жагынып, тууй берип, тууй берип, бала-чакасы иттей көбөйүп кетти. Ошол көптүгүнөн гана тайманчу. Болбосо, бул Айкөл бир жини кармаса, көптүгүнө карабай, бир короого тийген койчо дыркыратып кууп, шайын оодарчу. Оо, ал замандар да өтүп кетти. Ал кезде Айкөл булчуңу буркуйган, кең далылуу, сокбилек азаматтардан болчу. Азыр болсо, минтип улам бир кыз, улам бир отуруш деп жүрүп, көксүнү сууп, шайы ооп турган кези.

Кыскасы, ошентип, кечээки отуруш да укмуш шаңдуу өттү. Көптөн бери бири-биринин жүзүн карабай калган эгиздер Индике менен Пакисбайдын келиши отурушту бир топ жандандырды. Руслана менен Чайнагүл тим эле ырдап, бийлеп, тунуп эле калышты. Бул эки коноктун ушул шеринеге келип кошулганы эки шуркуянын эзелки күндөшү Океанага жакпай турганын, анын ичи туз куйгансып ачышаарын эстегенде экөө ого бетер жымыңдап, бири-бирине каш кагып, көз кысышат. Ал тургай берки коноктору да унутуп калышты окшойт. Баса, айтмакчы, кечээки шериненин кезеги Русланада болчу. Ал азгырып, жазгырып жүрүп, короосуна кошуп алган Башкырбектин үйүнөн тосту коноктorun. Өзү бул Башкырбек деле ушул Айкөлдүн бипбир тууганы. Керек болсо, мобу Сарткул менен Тежикбайга караганда кыйла чукул туугандыгы бар. Болгону алыс жайгашып калып, бооруна тарта албай калды. Ал ортодо бу Руслана шүмшүк дагы аны бирде коркутуп, бирде алдап жүрүп, бооруна тартып кетти. Ошону менен ал тууганы азыр минтип анын кол баласы болуп жүрөт. Айкөлдүн жүрөгү аны эстегенде бир зырп этти. «Жорго минип, жоо сайып, бир жүрбөдүк боордошум. Өргөө тигип, ордо ойноп, бир күлбөдүк боордошум» деп кыңырылып алды айла жок. Качан болбосун, ушул ыр эсине келет. Кечээ тиги Руслана менен Чайнагүл буларды унутуп, Индике менен Пакисбайды имерилип жүргөндө да ушул ыр эсине келди. «Атаганат» деди ошондо ичинен. «Атаганат, ушу биздин башыбызды айлантып, бизге эле имериле бербей, ошентип нары карай турсаңар гана. Башты айланткан азгырыңыңарды, долуланып коркутканыңарды койо турсаңар, биз бир өз алдынча бир туугандарча отуруп, бир туугандарча кеңешип алсак жыргабайт белек. Ай, андайга мүмкүндүк бербейсиңер го. Мына бирөө эсине келип, башка тууганын издей баштаганда эле ортого кирип, ушак таратып, тумандата баштайсыңар. Анан бүттү, ошону менен кайра эле баягы болуп отуруп калабыз. Эхх...»

Бирок кайдан жайына койсун буларды. Жок эле дегенде Океана жетип келбейт бекен. Булардын биригип кетүүсүнөн ушул үчөө өлгүдөй коркот да. Мына ушул максатка келгенде алар укмуштуудай ынтымакташа калышат. Болбосо, бири-бирин көрө албай эле турган немелер. Мисалы, кечээ булардын шеринеси болдубу, эми эртең Океана келет, акырын кылтыңдап. Калп эле башканы сүйлөп келет. Бирок эси-дартынын баары кечээки шериневде. Чынында ал жерде эмне кеп-сөз болгонун булардан деле жакшы билет ал. Болгону ошол сөздөргө, ошондо берилген убадаларга кимисинин көз карашы кандай экенин билгени келет. Бекемдеп калганын бошоткону, түзөлө калганын бузганы келет. Кудум ошондой милдети бардай жүрөт да, чиркин.

Жанындагы көөкөрдүн оозун ачып, жакшы ачыган жармадан кере-кере жутту. Жакшы чайкалбай калганбы же түбү эле калганбы, айтор, кесек талкандар оозуна чогула калды эле шашпай чайнап-чайнап туруп, жутчусун жутуп, калган кебек-себегин нары карай түкүрдү. Ошол ирмемде баягы бир додо уясында дуулдап, өз тирилигин кылып жүргөн кумурскалар көзүнө илинди. «Эхх, кайрандарым. Күүлүү-күчтүү иштеп атасыңарбы? Мен болсо бүгүн иштей албай отурам» деп кобуранды. А дуулдаган кумурскалар болсо, ага көңүл да бурушкан жок. Аларда көңүл бурганга убакыт да жок болчу...

***

Айткандай эле, буларда такыр убакыт жок. Карапайым кумурскалар күндүн ысыгында кайда көлөкөлөрүн билбей, анчамынча жумуштарын эптеп бүтүргөнгө шашып чуркап жүрсө, анча-мынча элге көрүнө калган кумурскалар күзүндө боло турган хайлалоонун табына куйкаланып жүрүшөт. Кай бирлери тим эле хайлалоодон өтпөй калса көчөдө кала тургансып, мыркиядан мыркияга чуркап атышат. Кээ бирлери биригип атышат, кээ бирлери ажырашып атышат. Мындайда дудукка да тил бүтөт тура. Кечээ эле аты-жыты билинбей отурган дудук данекбаштар бүгүн «эл үчүн» деген сөз менен оозангансып, оозунан «эли» түшпөй сайрап турган кези.

Эл ичинде да ушул эле кеп жүрүп жатат.

- Баланча төлөнчө менен биригиптир. Берки мыркия наркы мыркияга кириптир деген эле кеп. Эки кумурсканын башы тийишсе эле ушул сөз айтылат. Анан калса, булардын башчысы дагы укмуш ой чабыты кең неме экен. Баарынын айтканы бир тең болду да, уяхандын айтканы бир тең болду. Буга чейин эч ким анчалык күчтүү сөз айта элек болчу, бул данекбаштар тууралуу. Томсорбой туруп эле балп эттирди. Кайсы бир жерге барганда толтура кумурсканын алдына чыгып алып:

- Кай бир данекбаштар керек болсо, шайтан менен үйлөнгөнгө даяр экен, - деди ал.

Ошондон бери эл ичи ого бетер уу-дуу.

- Шаша Хахамбай көрүптүр. Шайтан да хайлалоого даярданып атыптыр деп бири айтса, дагы бири:

- Түш эмес ал. Мен Чыңгызханмын деген киши менен достошкондон кийин Хахамбай "мага керек болсо, Чыңгызхан кошулду. Эми шайтан деле кошулат" деп ойлоп, шайтанга элчи жиберсе, болбой коюптур. Ошондон бери шайтандын баарын боктоп жүрөт деп, бирөө кеп кылып жүрдү.

Бирок эч ким бул кептин чын-төгүнүн тактай алган жок. Шаша шайтан деп, шайтан көпөлөктү айтып атабы же шайтан суусун айтып атабы, аны да биле албай калышты. Кээ бирөө түз эле Амур бек Текеге да барды.


- Оо, жөргөмүштүн жөтөлгөнүн билген Амур бек, айтчы, Шаша шайтан деп кимди айтты?, – деп сурашты. Амур бек Теке отурган ташынан кыймылдабай, бир саам отурган соң, сырдуу жылмайып,

- Шаша шашканда шайтанды оозанат тура. А мен шашканда келме келтирем. Флекс Клокс чокунуп жибериши мүмкүн, - деп койду. Бул жооп кыйла кишиге жакканы менен кээ бирөө дагы эле ойлонуп жүрдү. Аларга айрыкча так ушул Амур Теке менен Мегс Мерзактын хайлалоо алдында бириге калганы табышмак болуп жатты. Бирок Шаша бул экөөнүн кимисин шайтан дегенин биле албай баштары маң. Же ал чын эле шашканда шайтанды айтып ийчү болгонбу? Деги кызык...


**Сунуш жана пикирлер үчүн:**
**saresepaikol@mail.ru**

Бөлмө аралык
ЭШИКТЕРДИ жанаТЕПКИЧТЕРДИ
буйрутма алып жасайбыз.

Тел. : 0700-69-45-01
0770-60-99-06



Салон белорусской мебели "Э-Лира"
Адрес: г. Бишкек, ул. Ахунбаева, д. 48 (угол ул. Бектенова), тел.: +996 /312/ 88 09 84, моб.: +996/550/ 70 44 88





Нурсалам
кафе * чайкана
Палоо, самса, түшкү тамактар, манты, мастава, мампар, жөжө табак, куурдак, пирожок, банкет 50-60 кишиге
Буюртма үчүн телефондор: 0552626562, 0772390595
Дареги: Бишкек ш., Фрунзе көчөсү 603, Жаш гвардия менен кесилишет

GREEN CITY
hotels & resorts

Green City мончосу
Исакеев көч., 2а
түрк хамамы
орус мончосу
туз камерасы
бассейн
балыктар менен пилинг
массаж
жаш балдар бөлмөсү
ж.б




www.greencity.kg



Greencity
мейманканасы
Тынчтык пр, 16
бир орундуу бөлмөлөр
эки орундуу бөлмөлөр
КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ
ресторан
бизнес ланч

+996 312 87 87 50
+996 559 87 87 50

Triangle
Курулуш компаниясы

Батирлер насыяга
пайызсыз 18 айга берилет









Дареги: Бишкек ш.,
Ажыбек Баатыр көч.9

Тел: 0555 00 15 00; 0559 33 39 60; 0552 89 57 62; 0771 99 99 99



Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги
катталуу номери – 1925

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова.

**Кабарчылар:** Эрлан Жыргалбек уулу, Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова.

**Реклама жана маркетинг:**
Эдил Айдаров.
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 738 231
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Design:** "Горизонт Медиа"

**Дареги:** Бишкек ш.,
Бөкөнбаев көч., 195/71,
**Тел.:** (0312) 93-65-55,

**Пикир айтуу үчүн E-mail:**
saresepkg13@gmail.com
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы:** 5000
**Буйрутма № 1800**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалган-ды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

САРЕСЕП